
7
Өкмөт 11 кадамын шилтей алабы?



9
Эрлан Бекчоро: «Жамандын жакшы жагын табуу - чоң маданият»



САРЕСЕП
19-ноябрь, 2015-жыл
№27 (27)
saresep.kg
Калыс көз караш!




# Коррупция, мунай жана жаштар



Президентти 1 берене менен ооздуктаса болот

3-бетте




Темир очоктогу таш көмүр

8-бетте



Кул "жеймин" дейт куйрукту, Кудай билет буйрукту

11-бетте



"Түнкү көпөлөккө" үйлөнсөм болобу?

14-бетте





## А.Бекназаров: «Атамбаев, Текебаев, депутаттар президентти ЖКда шайламакчы»

Кечээ Бишкекте өткөрүлгөн пресс-конференцияда Азимбек Бекназаров «2017-жылы президентти эл эмес парламент шайлайт» деген оюн билдирди.

Анын айтымында Президент Алмазбек Атамбаев, депутат Өмүрбек Текебаев жана бир катар депутаттар президентти парламент шайлагандай кылып тиешелүү иштерди башташты. Бул аракеттер Кыргызстанда толугу менен парламенттик башкаруу болуусу керек деген ураандардын алдында кылынып жатат. Бекназаров: «Атамбаев бул тууралуу кыйытып өттү. Президентти эл шайлоосу бул топтун керегине жарабайт. Алар азыркы парламент аркылуу өздөрүнө керек адамды алып келүүнү көздөөдө», – деген.



Сүрөт ▸ РИА новости

## Кыргызстанда "Мигрантка чалуу" акциясы өтүүдө

Ош облусунун Кара-Кулжа, Алай, Араван райондорунда жана Ош шаарында "Мигрантка чалуу" акциясы болду. Анда юристтер жарандарга миграция мыйзамдарынын талаптары, милдеттер жана укуктар тууралуу акысыз маалымат беришти.

Уюштуруучулар кабарлагандай, акцияга келген кишилер Орусиядагы, Казакстандагы же башка мамлекеттердеги жакындары менен телефондо бекер сүйлөшүп, юристтен алган маалыматтарын тууганына түшүндүрүп, башка тааныштарына да жеткирүүнү сурана алат.

Ушундай эле акция 16-ноябрда Жалал-Абад шаарында да өткөн. Алдыда Баткен жана Лейлек райондорунда уюштурулмакчы.

Өнөктүк «Мигранттар жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн маселелерин чечүүдө Коомдук кеңештердин ролун жогорулатуу" долбоорунун алкагында өткөрүлүп жатат. Аны "Интербилим" коомдук уюму, ISEDA, "Инсан Лейлек" жана "Мехр Шавкат" коомдук фонддору уюштурууда.

# КСДПдан Р. Момбеков: "ЖКнын журналисттерге койгон чектөөлөрү мыйзамсыз"




Жогорку Кеңеште айрым журналисттер жыйынга катыша албай жатышат. Буга алардын аккредитациядан ажыраганы себеп болгон. Бул маселени 11-ноябрдагы парламенттин жалпы жыйынында "Бир Бол" фракциясынын депутаты Чолпон Жакупова көтөргөн. Төрага Асылбек Жээнбеков көтөрүлгөн маселеге жооп берип жатып, Жогорку Кеңеш жөнүндө туура эмес маалымат тараткан журналисттерге аккредитация берилбесин айткан. Спикердин бул сөзү катуу сындалып жатат.

Жогорку Кеңештин КСДП партиясынын депутаты Рыскелди Момбеков бул тууралуу: «Бул таптакыр туура эмес нерсе. Бул боюнча мен Жогорку Кеңештин жыйынында төрага А. Жээнбековду катуу сынга алдым. 5-чакырылыштагы депутаттар И. Гусаров менен И. Карамушкинанын жеке арызынын негизинде эки журналистке жана соттун чечими менен бир журналистке аккредитация берүүдөн баш тартылыптыр. Мындай нерсе регламентте да, башка жерде да каралган эмес. Эгер журналист туура эмес маалымат тараткан болсо, аны сот аныктап, андан кийин Жогорку Кеңеш чечим кабыл алышы керек. Элдин маалымат алууга укугу бар. Журналисттер ЖМКлар жөнүндөгү мыйзамдын негизинде иштегендиктен маалымат алганга эки эсе укугу бар. Алар Жогорку Кеңешке кирип, каалаган депутатынан каалаган маалыматын алышы керек. Бизде дресс код, б.а. кийим кодекси деген документ жок. Бул жөн гана шылтоо. Журналист маалыматты депутаттар менен телефон аркылуу, же Ак үйдөн чыккандан кийин деле сүйлөшүп ала алат. Муну менен биз өзүбүз эле жаманатты болуп атабыз. Бул кадам сөз эркиндигин чектөө болуп саналат», – деген калыс оюн айтты.

# Землянухиндин голу жеңишке жеткирди



Сүрөт ▸ kloop.kg

17-ноябрда Бишкекте Кыргызстан менен Иорданиянын футболчулары 2018-жылдагы дүйнө чемпиондугуна жана 2019-жылдагы Азия кубогуна тандоо мелдештеринин алкагында кезектеги оюнду өткөрүштү. Анда кыргыз футболчулары атаандаштарын 1:0 эсебинде утту. Голду 48-мүнөттө жарым коргоочу Антон Землянухин өтө чеберчилик менен иорданиялык коргоочуларды алдап өтүп барып киргизди. Аталган оюн 2018-жылдагы дүйнө чемпиондугуна жана 2019-жылдагы Азия кубогуна тандоо мелдештеринин алкагында өттү.

Кыргызстан менен Иорданиянын футбол беттеши акырына чыкканда 17-номурдагы иорданиялык оюнчу Ибрахим Завахрин беттеш калысына нааразы болуп, бетме-бет келип заарын төккөн. Аны ажыраткан учурда Футбол федерациясынын вице-президенти Асылбек Кадыралиевди дарбазачы Амер Шафи кабырга тушка уруп жибергенге үлгүргөн. Ошол эле учурда 3-номурдагы Мухаммад аль Башар көк майсаң четинде топ ташып жүргөн өспүрүм балага тап бергенде аны кыргыз футболчулары токтотуп калышты. Кыргыз футболчулары атаандашынын мындай аракетин чагым деп эсептеп, мушташка себеп беришкен жок.

# «Коопсуз шаар» долбоорундагы кооптонткон тендер

«Коопсуз шаар» долбооруна экинчи ирээт жарыяланган тендердин жыйынтыгында «Стилсофт Бишкек» ишканасы жеңүүчү болгон. Бирок, тендерди өткөрүүдө мыйзам бузуулар болгону айтылып келет.

Өкмөттүн «Коопсуз шаар» долбооруна жарыяланган экинчи тендердин жыйынтыгы талаш жаратууда. Өмүрбек Бабанов премьер-министр болуп турганда аталган долбоорго тендер өткөрүлүп, аны кытайлык компания утуп алган. Бирок, андан кийинки келген өкмөт тендер мыйзам бузуулар менен коштолгонун жана баасы кымбат экенин айтып тендердин жыйынтыгын жокко чыгаруу боюнча сотко кайрылып, утуп алган. "Коопсуз шаар" долбооруна жарыяланган экинчи тендердин жеңүүчүсү 2015-жылдын январында тендердик комиссия тарабынан аныкталган.

Беш ишкананын ичинен биринчи орунду "Стилсофт Бишкек" компаниясы, экинчини Молдованын «Dessa International S.R.L» ишканасы, үчүнчү орунду Швейцариянын «Anteo worldwide» компаниясы алган. Бирок, Кыргыз милициясынын укугун коргоо комитетинин төрагасы Мелис Арыпбек тендерден утуп алган "Стилсофт Бишкек" ишканасынын тажрыйбасы жок экенин айтып, тендердик комиссияны айыптап, Молдова Кыргызстанга баасы 500 миң долларлык платформаны акысыз бергенин кошумчалады.

Айта кетсек, «Коопсуз шаар» долбоорунун алкагында сейил бактарга, кыймыл көп болгон унаа жолдоруна жана ири базарларга видеокөзөмөлдөр орнотулат.



# Президентти Конституцияга 1 берене киргизүү менен ооздуктаса болот

Коомдо президенттин ыйгарым укуктарынын кеңири болуусунан чочулоо бар болсо эле, президенттик институтунун даражасын төмөндөтпөө керек. Анын ордуна салттуу парламенттик башкаруусу бар Германия жана Италиядагыдай Конституцияга «контрасигнатура» беренесин киргизсе болот

Конституциялык укук боюнча эксперт АЗАМАТ БОРОНЧИЕВ

Констрасигнатура боюнча мамлекет башчынын укуктук актыларына өкмөт башчы кол коймоюнча керек болсо кээ бир министрлер кол коймоюнча, күчүнө кирбейт. Эгер Конституцияга контрасигнатура принципи киргизилсе, анда президенттин кеңири ыйгарым укуктарынан кооптонбой эле койсо болот. Себеби мындай учурда мамлекет менен өкмөт башчы бири-бирине көз каранды болуп калышат. Президенттин, же премьер-министрдин укуктарын кыскартуу менен, же кеңейтүү менен Конституцияда башкаруу формасын бекитебиз деген аракеттер туура эмес. Анткени, конституциянын максаты – бийликти бийлик бутактарынын арасынан айрымалап, аларды чектеп туруу.

Конституцияны кайра карап чыгуу зарылчылыгы бизге Убактылуу Өкмөттүн «КРдин өткөөл мөөнөттөгү президенти жөнүндө» аттуу декретинин 4-беренесиндеги «Конституциянын 114-беренесинин 2-бөлүгү 2020-жылдын 1-сентябрынан баштап күчүнө кирет» деген тыюусун бузууга мажбур кылып турат. Ошондуктан, Конституцияга байланыштуу иштерди баштоо үчүн төмөнкү нерселерди тактап алышыбыз керек:

1. Убактылуу Өкмөттүн декретинин аты аталган беренеси туура эмес экенин моюнга алуу керек. Анткени, өлкөдөгү коомдук-саясий кырдаал кээде Конституцияга өзгөртүү киргизүү аркылуу гана жөнгө салынуусу мүмкүн;

2. «Эл бийликтин булагы» деген конституциялык принципке таянып, жалпы элдик добуш берүү аркылуу Конституцияга өзгөртүү жана толуктоо киргизсе болот;

3. Жаңы Конституциядан дагы карама-каршылыктарды, б.а. «миналарды» таап, таң калып отурбообуз үчүн эмитен «саперлорду», тактап айтканда, конституциялык укук боюнча адистерди иштетүү керек. Ал адистер керектүү долбоорду иштеп чыккандан кийин аны укуктун башка тармактарындагы адистердин сынынан өткөрүп, андан кийин мыйзамдар талап кылган шарттарды ордуна келтирүү үчүн парламентке жөнөтүш керек. Ушундан кийин сунушталган долбоордун мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерде түшүндүрүү (талкуулоо эмес) иштерин толук бүтүрүп, эң аягында референдумга койсок болот.

Ал эми бийлик бутактарынын ыйгарым укуктарына кайта турган болсок, өкмөттүн башына «дайыма демократ адам гана келет» деп эч ким кепилдик бере албайт. Дүйнөлүк укукта да өкмөт башчынын мөөнөтү чектелгенин көрө элекпиз. Ошондуктан, бул жагынан алганда дагы Конституцияга контрасигнатура принцибин киргизсек жетиштүү болот.



# Айыптоолор террордун чырагына май тамызууда

ИШИМ сыяктуу агымдардын радикалдык идеологиясы күч болуп жаткан кезде Муфтият менен мусулмандардын абройлору ого бетер түшүүдө

"Дин, укук жана саясат" борборунун директору Кадыр Маликов ИШИМ же андан башка туура эмес багыттар бар экенин түшүнүп туруп, мусулмандардын бөлүнбөй биригиши керек экенин төмөнкүчө билдирди: "Ажылык маселесин дайыма массалык маалымат каражаттарында көтөрүп чыгуу - дин карманган адамдардын терс жактарын көрсөтүүдө. Албетте мунун жыйынтыгы жагымсыз кесепеттерге алып келип жатат. Биринчиден, коомчулук ажылыктын тегерегиндеги чыр-чатактан тажап да, чарчап да бүттү. Экинчиден, мындай коррупциялык маселелер менен жалпыга маалым болуу Муфтияттын жана салттуу дин кызматын аркалаган адамдардын аброюн катуу түшүрдү. Айрыкча, ИШИМ сыяктуу агымдардын радикалдык идеологиясы күч болуп жаткан кезде аталган тараптардын абройлору ого бетер түшүүдө.

Менимче, ажылык маселеси ЖМКларга чыкпай, дин кызматкерлеринин жана дин карманган адамдардын арасында каралып, өз ара кеңешилип чечилиши керек. Бул маселени жалпы калайыкка чыгаруу учурда өтө кооптуу. Анткени, биз өзүбүздүн аброюбузду өзүбүз булгап жатабыз. Биз жалпы мусулмандарды, муфтиятты, исламды дискредитация кылып жатабыз. Эл бизди шылдың кыла баштады. Ажылыкта кандайдыр бир көйгөйлөр бар болсо, бул Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия, УКМК жана башка укук коргоо структуралары аркылуу териштирилиши керек. Же болбосо кызыкчылыгы бар тараптар муфтийге жолугушсун. Бул чечилчү маселе.



Жалпы мусулмандар өз ара араздашууларды токтотуп, диний идеологиянын принциптеринин тегерегинде биригүүсү зарыл деп ойлойм. Анткени учурда Исламга, мусулмандарга, мамлекетке жана жалпы коомубузга өтө кооптуу учур келди. Баарыбыз биригип, бөлүнбөшүбүз керек. Мамлекет, коом жана мусулмандар ислам тууралуу туура түшүнүк бергенге аракеттенүүсү зарыл. Жыл сайын улана берген чыр-чатак мусулмандардын, коомдун маселесин чечпейт. Мындай чатакташуулар алысты көрө билбеген адамдардын иши. Биз маалымат тарабынан уттуруп жатабыз. Ажылыкта коррупциялык схемалар бар болсо, түз эле УКМКнын, ИИМдин тиешелүү кызматына арыз жазуу керек. Алар керектүү мекемелерди ийне-жибине чейин текшерип чыгышсын. Менимче, ЖМКларга чыгып кеткен коррупция тууралуу айыптоолордо террорчулук менен экстремисттиктин эч кандай байланышы жок. Мусулмандардын эл алдына чыгып алып, бири-бирин күнөөлөгөнү такыр акылыма сыйбай турат. Бул жерде башка маселелер бар. Кичине болсо да адамдар бирин-бири сыйлаш керек да.

# Улуу муун жаштарды террорчу кылып, өз кызыкчылыгы үчүн колдонууда

Илим адамдарынын пикири боюнча, бүгүнкү терроризмдин түпкү максаты – белгилүү бир жерде стабилдүүлүктү бузуу аркылуу табигый ресурстарды колго алуу



"Диндер арасы Кеңеш" коомдук бирикмесинин аткаруучу директору Галина Колодзинскаянын айтуусу боюнча: "Терроризмдин диний терроризм, саясий терроризм, диний-саясий терроррризм жана этно-саясий терроризм деген 4 түрү бар. Ошондуктан конкреттүү фактылар тууралуу айтып жатканда алгач, терроризмдин кайсы түрү экенин аныктап алганыбыз оң. Тарых көрсөтүп тургандай, радикалдуу агымдардын өмүрү кыска болот. Алар 2-3 кылымдан көпкө жашашпайт. Бизди кубандырганы – классикалык чыныгы ислам он төрт кылымдан бери бар. Ал эми азыркы терроризмдин келип чыгышынын жана анын кенен-кесир таркалышынын себептери тууралуу айтсак, белгилеп кетчү нерсе – террористтик коркунуч индексинин эң жогорку көрсөткүчтөрү мунай жана газ кендерине бай өлкөлөргө таандык. Көптөгөн илим адамдарынын пикири боюнча, бүгүнкү терроризмдин түпкү максаты – белгилүү бир жерде стабилдүүлүктү бузуу аркылуу табигый ресурстарды колго алуу. Мындайда террористтик уюмдар динди идеология катары колдонуу менен жаштарды өз катарына чакырып, кылмышкерге айлантат да, өз максаттарына жетүү үчүн каалагандай пайдаланышат. Эми бул көрүнүшкө бөгөт коюу жолдоруна келсек, тилекке каршы, биздин коомубузда кээ бир жагдайлар радикалдуу жана экстремисттик идеялардын жайылышына өбөлгө түзөт. Буларга – калктын, өзгөчө жаштардын, билим деңгээлинин төмөндүгү (кеп бир гана диний билимдин деңгээли эмес, жалпы билим деңгээли жөнүндө болуп жатат), сынчыл ой жүгүртүүнүн жоктугу; коомубузда социалдык мобилдүүлүктүн жоктугу, экономиканын алсыздыгы жана социалдык адилетсиздик кирет. Жаштар көбүнчө активдүү жана агрессивдүү болушат. Алар каалаганына тез арада жеткиси келишет. Бирок көпчүлүк убакта мүмкүнчүлүктөрү жок болуп калат. Мына ушул себептин баары аларды террористтик уюмдарга мүчө болуу аркылуу өзүнүн тилегине жетүүгө түртөт. Андан сырткары, үйүнөн зордук-зомбулукка туш болгон жана коомунан эч кандай жардам көрбөй калган аялдардын Хизб ут-Тахрир уюмуна мүчө болгон фактылары катталган. Кыскасы, өкмөт жаштар менен атайын иш жүргүзүүсү керек. Дискуссия аянтчаларын түзүп, сынчыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө жардам берип, калктын диний жана жалпы билим деңгээлин көтөрүшү керек. Калкты агартууда ЖМКларды активдүү колдонуу - талапка ылайык".

# Жашоодогу маанилүү нерсе



Профессор аудиторияга келип, студенттердин алдына беш литрлик бош банканы койду да, бүгүнкү сабак убакыт жөнүндө болорун айтты. Андан кийин чоңдугу кичине жумурткадай таштар менен банканы толтуруп, отурган студенттерге суроо салды.

– Кана балдар, бул банка азыр толуп турабы? – деди ал.

– Ооба. Толуп турат, – дешти баары бир ооздон.

Профессор эч нерсе дебей туруп китеп кабынан буурчактай таштарды алып чыгып, аларды да банкага салды. Жорголоногон майда таш бир заматта жумурткадай таштын арасына кирип, банканын кырына чейин чыга келди.

– Банка эми толдубу? – деп дагы бир жолу сурады студенттерден.

– Ооба, эми толду, – дешти балдар жайдары жылмая.

Профессор бул жолу да унчуккан жок. Дагы бир жолу китеп кабына үңүлүп, андан майда кум салынган куту алып чыкты. Баягы көрүнүш дагы кайталанды. Банкадагы таштардын арасына кутудагы кум эч кыйналбай шуулдап кирип кетти.

– Эми кандай деп ойлойсуңар, банка толдубу? – деди ал дагы бир жолу.

– Агай, эми толду. Бош орун калган жок – дешти студенттер жамырап.

Бирок, алар дагы жаңылган экен. Профессор кичирээк банкага куюлган сууну алып чыкты да, жанагынча таштын үстүнөн жыбылжыта куйду. Суу бир заматта таш менен кумдун арасынан орун таап, жайланышып алды.

Ошондо гана профессор студенттерге кайрылып, бул тажрыйбанын мааниси эмне экенин сурады. Окуучулар ийиндерин куушуруп, жарытылуу эч нерсе айта алышкан жок. Акыры устат сөз алып, окуянын жандырмагын төмөнкүдөй чечмеледи:

– Эмесе угуп тургула балдар. Мына бул бош банка силердин жашооңор. Эң биринчи салынган чоңураак таштар жашооңордогу негизги нерселер. Мисалы, үй-бүлө, ден-соолук, бала-чака дегендей. Жашоодо башка эч нерсе жок болгон күндө да, бул негизги нерселер жашооңорду толтура алат. Ал эми андан кийинки майда таштар болсо, силердин өзүңөргө таандык үй-жай, машина, жумуш дегендей нерселер. А кум – ушул жогорудагылардан да сырткаркы майда-чүйдөлөр. Эми жакшылап уккула. Эгерде биз банканы башынан кумга толтуруп салсак, анда майда таштар дагы, кесек таштар дагы ага батпай калмак. Ошондуктан жашоодо баардык нерсени өз убагында жасаш керек. Болбогон майда-чүйдө нерсенин артынан жүрүп, убакыттын баарын ошого арнап салган адам жашоодогу негизги "таштарды" ордуна жайгаштыра албай калат. Тагыраак айтканда, ден-соолугуңду чыңдап, үй-бүлө куруп, бала-чакалуу болгон адам каалаган адам менен эс алып, достору менен жолугушуп, конокко барып ж.б. иштерин аткара берет. Ошондуктан жашоодогу эң маанилүү нерселерди өз убагында аныктап алуу керек. Эми түшүндүңөрбү балдар?

– Ооба, түшүндүк, – дешти окуучулар бул жолу ойлуу тарткандай. Ооба, алар күтүүсүз, бирок таамай айтылган мисалдын таасиринен чыга албай ойго батып отуруп калышкан эле…

# Чыныгы байлык



Ал өмүр бою тыным албай иштеди. Жадагалса, үй-бүлөсүнө, бала-чакасына, тууган-уругуна да көңүл бурган жок. Ал үчүн байлык гана биринчи орунда турар эле. Албетте, "качандыр бир убакта мен дагы элчилеп эс алып, жашоонун ырахатына батам" дечү. Бирок, ошонун баарын карыган мезгилине жылдырып, кайра эле байлыкка жулунар эле.

Ошентип күн артынан күн келип, жумалар айга, айлар жылга алмашты. Бир күнү анын да ажалы жетип, өлүм периштеси эшигин какпай ичкери кирип келди. "Өмүр бою тыным албай иштеп жүрүп, минтип тапканымдын үзүрүн көрөр мезгилде кете беремби?" деп жалооруй карады ал. Бир аз убакыт берүүсүн суранды периштеден. Бирок, бул анын көз жашына карагыдай эмес. Айласы кеткенде топтогон байлыгынын үчтөн бирин берейин деп суранды. Периште ойлонгон да жок. Байлыгынын жарымын сунуштады. Андан кийин тапкан-ташыганын бүт ортого койду. Натыйжа баягыдай эле. Жан алуучуда кымындай да өзгөрүү болбоду. "Кеттик" деди да турду…

Ошондо байкуш акча топтоймун деп жүрүп, керек болсо үй-бүлөсүнө да татыктуу көңүл бөлбөгөнүн, ата-энеси, урук-туугандары менен жакшы катташпаганын айтып, буркурап-боздоп бир күн сурады. "Бир эле күн берчи. Бала-чакам менен коштошуп, ата-энемдин көзүн көрүп калайын" – деди бечара. Бирок, ажал келип турган соң, аны токтотуш кайда? Минтип ар кимдин көз жашын карай берсе, бул жарыктыктын милдети аткарылабы деги… "Жок" деп туруп алды периште. Андай айтса да, мындай айтса да "Болбойт" – деп тура берди. Акыры такыр айласы кеткен ишкер акыркы сөзүн кагазга жазып калуу үчүн болбогон гана мөөнөт сурады. Ооба, ошончо жалдырап отуруп бир канча сөз жазуу үчүн гана убакыт алууга жетишти.

"Мейли" – деди периште. "Убактың аз, ылдамда" деди. Ошондо ишкер колуна тие калган баракка шашмалай калем шилтеп, мындай деп жазды: "Жашоону туура пайдалангыла! Мен өмүр бою топтогон байлыгыма бир күндүк өмүрдү да сатып ала албадым. Ошондуктан бир келген жашоодо татыктуу өмүр сүрүп, үй-бүлөгө, тууган-урукка көңүл бөлгүлө. Эч нерсеге жарабай турган жалган дүнүйөгө алданбагыла жана бул жашоодо өзүңөр үчүн чыныгы байлык эмне экенин аныктап алгыла. Ошондо гана жашап өткөн жашооңор үчүн арманда калбайсыңар…" – деген экен.

*- Бай болом деп шашылганың — кедейликке ашыкканың.*

*- Байлык — мурат эмес, жоктук — уят эмес.*

*- Дүйнө-мүлктүн көптүгү байлык эмес, көңүлдүн токтугу байлык.*

# Бирюза шурусу



Шуру саткан дүкөндүн ээси терезеден көчө тарапты ойлуу карап турган. Аңгыча кичинекей секелек кыз тыпылдап басып келип, витринанын сыртынан бир топко көзүн албай туруп калды. Анан издегенин тапты окшойт. Көздөрүнөн кубанычтын учкундары чачырап, кудуңдап алып дүкөнгө кирип, көгүлтүр таштан жасалган шуруну көрсөтүүсүн суранды.

– Мен муну эжеме алайын дегем. Кооздоп ороп бере аласызбы? – деди ал. Дүкөндүн кожоюну алгач кыздын айтканына көп ишене берген жок.

– А сенин муну алганга акчаң барбы? – деди ал.

Кыз унчукпай туруп чөнтөгүнөн тыйын оролгон жүзаарчыны алып чыгып, тактага төктү да, сатуучуга үмүттүү карады.

– Бул акча жетеби?

Тактанын үстүндө болгону бир нече майда тыйын турган. Дүкөнчү бир саам унчукпай калды эле, кыз мурдагыдан да толкунданып:

– Билесизби, мен эжекеме ушул шуруну белек кылайын дегем. Апабыз өлгөндөн бери ал бизге кам көрүп, чоңойтуп келе жатат. Анын өзүн карагангa да убактысы жок. Бүгүн эжемдин туулган күнү. Ошондуктан мен бул шуруну белек кылайын деп атам. Муну көрсө аябай кубанып калат го. Өзүнө да аябай жарашып калса керек, – деп быдылдай сүйлөдү.

Дүкөндүн ээси шашпай ары басып, кооз кутудан алып келип жанагы шуруну салды. Анан өтө кылдаттык менен сыртынан кооз жалтырактардан ороп, жылтылдаган тасмалар менен гүлдөтө байлап туруп, кыздын колуна карматты.

– Ме гой. Этият кармап, эжекеңе алып барып бер, – деди ал жылмая карап туруп.

Ошону менен кубанычы койнуна батпай кудуңдаган секелек кыз чымын-куюн болуп үйүн көздөй чуркап жөнөдү.

Арадан бир далай убакыт өтүп, күн уясына батып бараткан. Акыркы кардарын узаткан дүкөнчү, эки жагын жыйыштырып коюп үйүнө кетүүгө камынды. Так ушул маалда эшик акырын ачылып жупуну кийинген жаш кыз ичкери кирип келди. Дүкөнчү бир карап эле иштин жайын түшүндү. Себеби, ал кыз бая өзү даярдап берген кутуну көтөрүп алыптыр.

– Байке, – деди кыз уяла жер карап туруп,

– Байке, сиңдим бул шуруну сизден алды беле? Айтыңызчы мунун баасы канча турат?

– Аа, ооба. Муну мен саткам. Бирок, бул дүкөндөгү бардык оокаттын баасы келишим түрдө белгиленет, – деди дүкөнчү камырабай.

– Бирок… Бирок, менин сиңдимдин болгону бир нече тыйыны эле бар болчу. Чыныгы бирюзадан жасалган шурунун баасы өтө кымбат турарын мен жакшы билем. Андай баага биздин чөнтөгүбүз жукалык кылат.

Жаш кыз жанагыдан бетер кызара түшүп кудум баягы секелек кыздай болуп, шашып сүйлөп жатты. Бирок, экөөнүн ортосунда өтө чоң айырма бар болчу. Бирөөсү, көздөгөнүнө жеткенине сүйүнүп, кубана сүйлөп жатса, экинчиси кудум чоң күнөө кылган немедей актанып, уялып сүйлөп жатты. Ооба, ал так ушул уяттуу нерседен тезирээк кутулгусу келген немедей, кутуну тактага коё салып кайра шашып чыгып кеткиси келди. Анткени менен, дүкөнчү аны кетире койгон жок. Ал кутуну жанагыдан да кооздоп, байламталарын бекитип туруп, кайра кызды карай узатты.

– Сиңдиң бул шуруну эң кымбат баада сатып алды, – деди ал. Ал муну алыш үчүн канчадан бери чогултуп, сары майдай сактап жүргөн нерсесинин баарын берди. Керек болсо чоң кызматта иштеген адамдар да буга мындан көп бере алмак эмес.

Кичинекей дүкөндүн ичинде бир саам мемиреген тынчтык өкүм сүрдү. Анча чоң эмес кутучаны колуна алып, албырган жүзүн жашыра албай жер караган кыздын эки бетинен эки тамчы жаш ылдый карай тоголонуп баратты…



# «Европа базарына чыксак болот»

Быйыл төө буурчактын наркы Талас элин сызга отургузду. Анткени, бул жылы анын баасы былтыркыга салыштырмалуу эки эсе, 2013-жылдагыдан 3 эсе төмөн болду. Ушундан улам бушайман болгон дыйкандар кайра-кайра наразычылыгын айтып, райондук администрациянын мекемесине митингге чыгып отуруп, акыры бааны 33 сомго көтөрүүгө жана төө буурчакты чектеп сатуу маселесин чечүүгө жетишти

Анткени менен багбандар айтылган 33 сом дагы кеткен эмгек менен коротулган убакытты актай албаганын айтышууда. Чынында эле, элдин күйгөнүндөй барбы, же кичине жерден оңбогондой киреше таап, капчыгын кампайтууга көнүп калган Талас элинин бүгүнкү баага көңүлү тойбой жатабы? Бул жагы бизге табышмак. Болбосо, ошол төө буурчактын баасы "жомоктогудай" болуп турган маалда, элдин жашоосу дагы кыйла жакшыра түшкөн экен. Натыйжада, "жомоктогудай" кабат-кабат үйлөр салынып, дүңгүрөгөн тойлор өткөнүн таластыктар өздөрү да айтып жүрөт. Ошол төө бурчактын баасы 100 сом болуп турган 2013-жылы бир эле багбан өзүнө тиешелүү 1 гектар жерден 2 тоннадан ашуун түшүм алган. Бул кетирилген каражаттан тышкары, орто эсеп менен 200 миң сом таза киреше тапканын айгинелейт. Ал эми ушул эле эсеп менен 10-15 гектарга жакын төө буурчак эккен дыйкандардын түшүмүн жөн гана элестетип койгула...

Жергиликүү дыйкан Шаршен ата да муну жашырган жок: "Убагында жашоо шартыбыз бир кыйла жакшырып калганын ачык эле айтып коёюнчу. Маселен, Бишкектеги кызым менен баламдын окуу контрагына, алардын баскан-турганына кенен жетип турчу. Той-ашка дарда карайлап карызга батпай, оңуп эле калганбыз. Андан сырткары үй-жайыбызды бир сыйра оңдоп, улуу уулума өзүнчө там салып бергем. Ал эми бүгүнкү баа кеткен чыгымды актаганы менен кетирилген убакытты, сарпталган мээнетти актай алган жок", – деди ал өз сөзүндө.

Төө буурчак көбүнесе Кара-Буура, Бакай-Ата жана Талас райондорунда эгилет. Айыл чарба жана мелиорация министрлигинин берген маалыматына таянсак, 2010-жылы төө буурчактын баасы 18–22; 2011-жылы 28–30; 2012-жылы 30–35; 2013-жылы 74–100 сомго чейин көтөрүлүп, 2014-жылы кайра 60–65 сомго сатылган. Натыйжада, кирешеден үмүт кылган дыйкандар, быйыл дагы 54 миң гектар жерге төө буурчак эгип, андан 94 миң тонна түшүм алган. Бул дээрлик айдоо жеринин 45 пайызын ээлейт. Бирок дыйкандын мээнети өзү күткөндөй акталган жок. Анын наркы кайра баштапкы баасына, 28–32 сомго түшүп, калайыктын көңүлүн ирээнжитип отурат.

Айткандай, эл арасында былтыркы түшүмүн 60–65 сомго сатпай, баа көтөрүлөт деп отуруп, быйыл 30 сомдон саткан дыйкандар да аз эмес экен. 2010-жылдан бери төө буурчак өндүрүү менен алектенген Мирлан аттуу дыйкан былтыркыдан калган 3 тонна төө буурчагын быйыл эки эсеге арзан саткан.

"Бизге мамлекет баанын туруктуулугу жөнүндө болжолдуу болсо да, алдын-ала маалымат берип турса жакшы болбойт беле. Былтыр 2015-жылы баа кайра көтөрүлөт дегенинен түшүмүмдү сатпай сактап отургам. Бирок, минтип айла жок 2 эсе арзан сатууга туура келди", – деп кейиди ал.

Бирок, Айыл-чарба министрлигинин Азык-түлүк коопсуздугу жана агромаркетинг башкармалыгынын башчысы Жумабек Асылбеков төө буурчактын баасын алдын-ала божомолдоо мүмкүн эместигин, себеби, дыйкандар болжолдуу анализ менен мамлекет тарабынан берилген сунуштарга кулак салышпаганын айтты.

"Биздикилер кайра эле эски буурчактарды эгип, сортуна, сапатына жакшы көңүл бурбай калган. Жакшы түшүм алуу үчүн үрөнгө көңүл буруш керек да. Анын үстүнө быйыл дыйкандарга төө буурчакты аз сепкиле деп эскерткенбиз. Бирок, алар аны укпай, былтыркыдан да көп айдап салышыптыр", — дейт ал.

Айтор, төө буурчак таластыктардын көңүлүнө көк таштай тийген бейм, эми жергиликтүү багбандардын бири алма өстүргөнгө камынып жатса, бири короосун кеңейтип, мал бакканга, бири чөп айдаганга кызыктар экен. Мисалы, жогоруда аталган Мирлан эми башка айыл чарба продукцияларын байкап көрүүгө даяр экенин айтты.

"Келе жаткан жылы төө буурчак эккенге көңүлүм тартпай турат. Андан көрө беде же экспарсет айдасам оң болчудай. Чөп төө бурчакка караганда көп деле эмгек талап кылбайт. Анын үстүнө баасы да 2-3 жылдан бери туруктуу болуп турат. Жазында айдап, маал-маалы менен суугарып турсаң, кышка чейин 2 же 3 жолу чаап алганга жетишесиң", – деп чөпкө үмүт байлап турганын билдирди ал.

Ал эми Борбор Азиялык өнүгүү корпусунун жетекчиси, Абдуллаев Жума айыл-чарба продукцияларынын ичинен төө бурчакты негизги перспективдүү продукция катары кароону сунуштоодо.

"Төө буурчактан толугу менен баш тартуу туура эмес. Тескерисинче, Түркия, Европа базарына чыгарып, ири компаниялар менен контракт түзүү аракетин жүргүзүү менен өлкөнүн бир облусун төө буурчак маданиятына багыттасак, сөзсүз альтернативдүү мүмкүнчүлүктөр ачылмак. Төө буурчактын дүйнөлүк баасын көрүп жатпайбызбы. Өкмөт бул учурда комплекстүү иш жүргүзө алган жок. Маселен, төө буурчактын тастыктамасынан тартып, брендине чейин ойлонулуп, аткарылса болмок. Мисалы, Түркия аркылуу биздин төө буурчак "таза талаа буурчагы" деп Европа базарына чыкса болот эле. Бирок биз ошол ишти калыптандырып, колго алып кете алган жокбуз. Бажы биримдиги төө буурчак үчүн өтө жагымдуу эмес. Анткени анын базары чектелүү. Анткени менен аскерлердин тамактануу рационуна кошулганына байланыштуу тендер жарыялап, жок дегенде ЕАЭБдеги өлкөлөргө чыгарса болчудай. Чынында, алма менен тоют деле дыйкандарды жерге калтырбайт. Себеби, булар биздин өзүбүздүн ички базарыбыздан тартып, коңшу базарларга чейин жетет.

Айткандай эле, өкмөт жана эл өкүлдөрү тарабынан да, төө буурчак маселесин ордунан чечүү үчүн бир катар иш-чаралар жасалып келет. Мисалы, Кыргызстандын Түркиядагы элчиси Ибрагим Жунусов төө буурчакты экспорттоо маселеси боюнча Мерсин шаарынын губернатору менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп жатса, КСДПнын лидери Чыныбай Турсунбеков Түркиянын импорт-экспорттоо ассоциациясынын жана "Мерсин" соода биржасынын өкүлдөрү менен жолугуп, төө буурчакты экспорттоо маселесин бир беткей чечүү аракетин көрдү. Ал арада Кыргызстандын айыл-чарба министрлиги Түркиялык кесиптештери менен Талас төө буурчагын кошумча нарк салыгы жок Түркияга киргизүү боюнча бир нече сүйлөшүүлөрдү өткөргөн. Бирок, аталган сүйлөшүүлөрдүн бири да жемишин берген жок. Албетте, түрктөр да биринчи кезекте өз дыйкандарынын кызыкчылыгын коргой турганы айдан-ачык. Ошондуктан Кыргызстандан келип жаткан продукция аларды көп деле ойлондура бербесе керек.

Буга чейин ЖМКнын айрым өкүлдөрү: "Аймакта абал курчуп, көтөрүлүш чыгып кетүү коркунучунда турат", – деп да жазып чыгышкан. Бирок, облустун айрым райондорунда эле ички наразычылыктар болбосо, жалпысынан абал тынч экенине өзүбүз күбө болуп келдик. Муну тастыктоо үчүн атайын райондук жана айыл өкмөттүк администрацияларга байланышка чыгуу аракетибиз оңунан чыкпады. Гезиттен чалып жатканыбызды айтканда эле пикирин билдирүүдөн баш тартып жатышты. Айыл башчы менен акимдер облустун кырдаалын өздөрү жакшы билбесе, башкалар кайдан билет эле? Чынында алар өзү башкарган аймактын кырдаалын, абалын, кечээки өткөнүн жана эртеңки келечегин айныбай билип туруусу керек болчу. Болбосо, алардын барынан жогу жакшы эмеспи. Ошентсе да убакыттын тардыгын айтып, кутулгуча шашкан атка минерлерди Талас элинин дагы бир көйгөйүн чечип жатат го деген жакшы үмүткө жоруп, баса бердик.

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА



# Табыпкабы же бейтапканагабы?

Бүгүнкү күнү эл ичинде ар кандай жолдор менен дарыланып келишет. Мисалы, дарыгерге барууну каалабагандар табыптарга кайрылса, кыргызчылыкка ишенбегендер ооруну жеңүү үчүн илимий медицинаны туура көрүшөт

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

## Эки медицинада тең өздөрүнө гана тиешелүү дарттары, дарылоо усулдары бар

"Биринчи байлык ден-соолук" дегендей, адамдар оорудан сакайып кетиш үчүн колунан келишинче аракет кылып, болгон ыкмаларды колдонушат. Мындайда бири жараткан берген касиет деп, муундан-муунга өтүп келе жаткан табыптарга кайрылса, экинчиси элдик дарыгерлерге ишене бербей, заманбап медицинадан айыгуу чарасын көздөйт.

Анткени менен табыпчылык адамзат пайда болгон күндөн тартып келе жаткандыктан, анын тамыры өтө эле тереңде жатат. Керек болсо бүгүнкү күндөгү илимий медицина дагы өз кезегинде ошол табыпчылыктан бөлүнүп чыкканы айтылат. Дары чөптөр, кайнатмалар, жан-жаныбарлардан алынган дармектер, ырым-жырымдар, дубалар элдик медицинанын дартка туруштук берчү куралдары болсо, молдолор, бакшылар, төлгөчүлөр жана табыптар кыргызчылык жолу менен дарылаган өкүлдөр болуп саналат.

Анткени менен, бүгүнкү күнү элдин башын айлантып өз кызматын сунумуш болуп жүргөн жалган көзү ачыктар, бүбү-бакшылар көчөгө толуп кеткендиктен, алар "шылуундар" деп аталып, элдин ишеничинен чыгып калышкан. Бирок, заманбап медицинанын күчү жетпеген айрым дарттары чыныгы касиети бар табыптар айыктырып жатканы шексиз. Ошондой эле табыптар бардык ооруларды дарылап, айыктырып жиберет деп айтууга да болбойт. Алар көбүнчө нерв ооруларын, талманы, тукумсуздукту, көз тийгенди, тескери дубаны, ичимдикке берилип кеткендерди, баңгиликке берилгендерди, муун ооруларынан жабыркагандарды, ысык-суукка кабылган адамдарды айыктырышат. Оорулардын аты эле айтып тургандай, илимий медицина мындай кеселмандарды айыктырууга алсыздык кылат.

### "Мен рухий операция кылам"

"Кыргызстан көзү ачыктары" коомунун президенти жана ошондой эле **"Ак-Ниет-Бекболсун" коомунун негиздөөчүсү, көзү ачык, табып Абдыжапар Калпа уулу Жекшенбек:**



"Касиет укумдан-тукумга берилчү нерсе эмес. Ошондуктан ар бир адам көзүн ачып алса болот. Бул жалган дүйнөдө бирөө ишенип өтөт, бирөө ишенбей өтөт. Кээ бири табыптарга десе, кээ бири молдолорго, бакшыларга баруу керек дейт. Менин оюмча, эң негизгиси – кудайга ишениш керек. Төлгө, карта бул – шылуундук. А мен болсо Кудайдан корком. Адамды тесмеси жок эле көрөм. Өзүм мурда ичкиликке катуу берилип кеткен адам болчумун. Кийин аян берилип, Кудай жолуна түштүм. Мага келген адамдарды ишенер-ишенбесин кебетесинен эле билем. Эгер мага ишенбеген адам болсо, аны кабыл албайм", – деп өз оюн билдирди.

Андан сырткары Жекшенбек мырза: "Ак-Ниет-Бекболсун" коому 1998-жылдан бери иштээрин айтып, "Кыргызчылык менен ооругандарга, көзү ачыктарга бата берем. Батамды чыныгы касиеттүү адамдарга гана ыраа көрөм. Мен ар дайым Кудайга жалынып, анын 99 атын айтам. Кыргыздар бакшыга, молдого ооруп калганда, башына балээ түшкөндө гана чуркайт эмеспи. Мына мен деле кыйналып жүрүп, болбой калганда гана келдим бул жолго.

"Мен рухий операция жасайм. Эң негизгиси адам ишенсе, ал бат эле айыгып кетет", – деп өзү тууралуу айтып берди. Ошондой эле, көзү ачык келген кардарларга баланча сом бер дебегендигин, алар өз ниетинен чыгарып таштап кетишерин кошумчалады.

Ал эми заманбап медицинанын күчү жетпеген баш шишигинен табыпка барып жүрүп айыккан деген Улкан айым төмөнкүлөргө токтолду: "Жашым өткөн сайын башым бат ооруп, дары ичмейин уктай алчу эмесмин. Кийин дарынын да күчү жетпей калган соң, бейтапканага бардым. Алар бир аз дарылашты. Бирок жакшы болбой койгонунан томографияга түшсөм, башымда шишик бар экен. Ажал ушул экен деп өлүмгө моюн сунуп калган кезде курдашым Канттык Зейнегүл аттуу табыптын адресин берди. Ага барып көрүнүп, табып өзү уу коргошундан даярдап берген дарыны иче баштадым. 5 айдан кийин кайрадан текшерилсем, шишигим жоголуп кетиптир. Ошондон кийин табыптарга ишенип, кыргызчылыкка баа берип калдым", – дейт.

### Көзү ачыктарга ишенүү - каапырлык

Ислам дининде бакшыларга, көзү ачыктарга баруу чоң күнөө деп айтылат. Дин адамдары "Ким бакшыга барса, анын айтканына ишенсе, каапыр болот", – деп, Пайгамбарыбыз алайхис саламдын айтканын мисал кылышат. **Чубак ажы Жалил уулу** бул тууралуу: "Бакшыларга баруу жана алардын айтканына ынануу ыйман алкагынан чыгарат. Анткени, Мухаммад алайхис салам пайгамбарыбызга түшүрүлгөн касиеттүү Куранга ишенүү менен, каргышка калган шайтан алып келген маалыматтарга ишенүү бири-бирине коошпойт. Экөөнүн бирине ишенгени – экинчисине ишене албайт. Экөөнү бир адамга чогултуу мүмкүн эмес. Имам Ахмад бакшыларга ишенүүнү чыныгы каапырлык деп баалаган", – деп өз оюн билдирди.



### "Заманбап медицинанын күчү дубаларга жетпейт"

Кыргыздар күчтүү табыптарды "касиет даарыгандар" деп коюшат. Алар адамдарды физикалык оорулардан гана эмес, ар кандай дубалардан, көз тийүүлөрдөн, байлатма, ысытма-суутмалардан, киренеден дарылашат. Табып, парапсихолог, биоэкстрасенс Айнура Божокеева: "Адам үчүн эң коркунучтуусу – тескери окулган дубалар. Ал эми буларды дарыгерлер айыктыра алышпайт. Бакшылар, цыгандар, шылуундар, акчанын кулу болгон табыптар жиндерге байлаган дубалардын түрүн билишет. Буларга бири-бирине өчөшкөн, кызганган, көрө албаган, сүйүүсүнө жетпеген адамдар кайрылышат. Көбүнчө айымдар десек да болот. Кара дубаларды окуган жана окуткан адамдар Кудай тарабынан жазаланат. Тактап айтканда, адам өлтүргүгө барабар. Эгер дуба окуткан адамга убагында кайтарым дубасын окутпаса, ал майып, же оорулуу болуп калышы мүмкүн. Эң коркунучтуусу жана эң таасирдүүсү тамак-ашка окутулган кара дубалар. Ал адамдын ичине кирип, бат таасир берет. Мындай дубаларга заманбап медицинанын күчү жетпейт", – деди. Ошондой эле табып айым дуба 10-15 жыл аралыгында таасир берип, адамды акырындык менен өлтүрөрүн да кошумчалады.

### Элдик медицина байыркы эпостордо орун алган

Кыргыз эли башынан эле кырсыкка кабылган адамдарды ар түрдүү чөп-чарлар менен айыктырып келгендиктен, мындай элдик медицина оозеки чыгармаларда дагы орун алган. Буга мисал катары "Манас" эпосундагы айрым ыр саптарга токтолсок:

*Алты-жети жанаяк*
*Чар дары кылып жуткузса,*
*Казактардын эр Көкчө*
*Умачтай көзү ачылды,*
*Ооруган жери басылды.*

«Манаста» жаныбарлардын ички органдары дагы дары катары айтылган. Алсак, эпосто кашкулак өтү менен бирге кажырдын өтү колдонулганы тууралуу мындай саптар келтирилген:

*Кажырдын өтү барбы деп,*
*Чуулаганы андан көп,*
*Кумия дары момия,*
*Бар бекен деп кошундан.*
*Сурап жүргөн андан көп.*

Ошондой эле эпосто сыныктарга шак-шак колдонуу жолу да эскерилген:

*Колу-буту сынганын,*
*Шак-шактарын жонушуп,*
*Соорусуна шапа-шуп,*
*Коюп жаткан дагы бар.*
*Буту сынган мунун деп,*
*Теректерден табышып,*
*Челек кылып чабышып,*
*Оюп жүргөн андан көп.*

### Илимдүүлөр заманбап медицинага, карапайым калк табыпка кайрылат

Кайсы бир элдик дарыгердин имаратынын жанында ашкана иштеткен Байболот байке менен бир аз баарлашып калдык. "Бул көзү ачыкты мен көп жылдан бери тааныйм. Айылдашым болот. Шаарга жаңы келгенимде анын көзү ачык болуп кеткенин угуп, аябай күлгөм. Айылда жумушу жок, ичип эле жүргөн адам болчу. Эми минтип элдерди дарылайм дегенине эч ишенбейм. Ишибиз бир жерде болгондуктан, жаш эле кыздар, аялдар келип жатканын көрүп аябай таң калам. Мындай калп эле көзүн ачып алган адамдар көп. Аларга акча короткондон көрө илимдүү, билимдүү дарыгерлерге кайрылыш керек да", – деди ал.

Заманбап медицина өкүлдөрү: "Адамдын ички органын көрбөй туруп дарылай берүү бул билимсиздикке жатат эмеспи", – дешет. Окумуштуулар ден-соолукка кам көрүүнүн негизги чарасы заманбап технологиялар, дары-дармектер экендигин ырасташат. Илимий жаңы ачылыштар аркылуу мурда дабасы табылбай келген оорулардын дарысы табылып, жакшы шарттар түзүлгөнүн айтпасак деле белгилүү болсо керек. Ошондой эле табыптарга турмуштан кыйналган карапайым калк кайрылса, бейтапканаларга илимдүү катмарлар баш багат экен.

Кептин кыскасы, ар бир адамдын ден соолугу өз колунда. Туура эмес дарыланып жүрүп, ден-соолуктан айрылып калуу – бир заматта болчу иш. Ошондуктан бейтапкананын босогосун аттоо керекпи, же ар нерседен шыпаа издеген табыптын эшигин кагуу керекпи? Муну биз оорулуунун өз тандоосуна калтырдык.

# Өкмөт 11 кадамын шилтей алабы?

Премьер министр Темир Сариевдин парламентке сунуштаган 11 багыттан турган "Стабилдүүлүк, ишеним жана жаңы мүмкүнчүлүктөр" программасын талкуулоо максатында Экономика жана өнөр жай министрлигинин стратегиялык пландоо бөлүмүнүн башчысы Нурадил Байдөөлөтовду жана ЖИА бизнес ассоциациясынын мүчөсү, ишкер Жеңиш уулу Өмүрзакты кепке тарттык

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА



Өкмөт башчы бул программа өлкө экономикасынын туруктуу өсүшүн жана финансылык көз карандысыздыгын камсыз кылууга багытталганын белгилеген. 11 багыттын ичинде: аткаруу бийлигин мобилизациялоо, макроэкономикалык стабилдүүлүк, жогорку деңгээлдеги инвестицияга жетүү, экспортту колдоо, эффективдүү финансы системасын түзүү, элетте атаандаштыкты жана адам ресурстарын өндүрүүгө багытталган программалар камтылган. Инвестиция тартуу жаатында Өкмөт экономикага салынган каражаттар мамлекет тарабынан корголоорун билдирип, экспортту жандандырууну, ал үчүн өндүрүштү өнүктүрүүнү жана натыйжалуу финансы системасын түзүүнү милдет кылган. Мындан тышкары, айыл-чарбасын кыргыз экономикасынын негизги тармагын улуттун визиттик карточкасы катары кароодо. Өкмөт башчы аталган багыттар кыска убакыттын ичинде ишке ашаарын убада кылууда.

## Ж.Өмүрзак уулу: "11 жакшы тилек – жарым ырыс»

Иш дүйнөсү жана ишкерлер ар дайым өкмөттөн так жана стратегиялык пландарды күтүп келгендиктен бизнес дүйнөсү бул программаны кубануу менен кабыл алды. 11 туура, кыска жана нуска багыт тандалып алынганы менен программа иш планга эмес, каалоо-тилек саптарына жакындашып калыптыр. Жакшы тилек жарым ырыс демекчи, бул өкмөтүн жана аткаруу бийлигинин көз карашы Кыргызстандын келечегине экономикалык өнүгүүдө каалаган таризин көрсөтүп турат. Бул жерден эки негизги көрсөткүч керек. Биринчиси, так план жана стратегия иштелип чыгышы керек. Экинчиси, натыйжада биз эмнеге жетише алабыз? Дагы бир нерсе, ар бир айыл өкмөтүнө же облустун аткаруу бийлигине атайы тапшырма берилүүсү шарт. Алар дагы иштин канчалык пайызда аткарылгандыгы тууралуу отчет берип турса.

Буга чейин өкмөт тарабынан иштелип жаткан программалардан бул жобонун айрымасына келсек, мындан мурунку Бабановдун пландарында "100 күндүк" деген программа бар болгон. Ошол программанын негизинде элдин, коомчулуктун жана парламенттин астында ошол 100 күндүк пландын ишке ашып-ашпаганын эсептеп беришкен. Мисалы, аталган жобо менен салыштыра кетсек, ал жакта коомчулукка жакшы иштердин болуп атканы айтылган. Бирок тилекке каршы, элге толук түшүндүрүлгөн эмес. Азыркы кеп болуп аткан программа абдан туура жасалып атат. Анткени конкреттүү эмне иштер кылыныш керек экени тууурасында 11 багыт жазылып чыкты. Эми элге туура жана өз учурунда жеткирүү милдети турат.

> Бабановдун "100 күндүк" деген программасы жакшы иштерге себеп болгон, бирок элге жеткиликтүү түшүндүрүлгөн эмес.

Эгер бул он бир багыт аткарылбаса, атайы мыйзам киргизилбегендиктен коомчулук эч бир чара көрө албайт. Бир гана азыркы Өкмөт элдин ишениминен чыгып калуусу мүмкүн. Бул абалды жакынкы жана алыскы кошуналардын тактикасынан мисал келтирип кетейин. Аларда пикирлердин, программалардын жарышуусу делген амал бар. Анын негизинде шайланган эл өкүлдөрү ортосунда атаандашуу болот. Маселен, Сингапурда депутаттарга атайы план коюлган. Мисалы ички дүң продукциясынын (ИДП) көрсөткүчү 5 пайыз өссө, анда алар экинчи айлык акы катары сыйлык алышат.

11 багытты аткарганга бир гана Өкмөттүн эмес, жалпыбыздын саясий эркибиз жана ресурсубуз жетеби деген суроого аталган программада бюджетке ылайыкташтырылып, мамлекеттик бюджеттин көлөмүнөн ашпоо керек деген чектөөлөр бар экен. Менин оюмча, кичи көлөмдөгү бюджетти карап өзүбүздүн иш мүмкүнчүлүгүбүздү чектебей, чоң пландарды койсок, бул бюджеттин өз алдынча көбөйүүсүнө алып келмек.

Көрсөтүлгөн багыттардын арасынан баары өлкө үчүн керектүү. Бирок эң негизгиси 9-багытта көрсөтүлгөндөй, "адамдын өнүгүүсүнүн келечектеги негизи" деген пункту жактырдым. Себеби, мыкты кадр начар калыптанып калган системаны оңдоп кете алат эмеспи. Ошондуктан биринчи эле кезекте жалпы адамдардын акыл-эсин, ой-таанымын кеңейтүү керек деген ойдомун.

## Н. Байдөөлөтов: "11 багыттын 3-4өө ипотекага тиешелүү»

Эмне үчүн 11 багыт? Бул коалициялык өкмөттүн программасы. Жаңы шайланып келген партиялардын ойлору, максаттары жана программалык жарыялары менен макулдашылып, коалициялык өкмөтүн ичинде компромистүү түрдө түзүлгөн программа. Сүйлөшүүлөр жүрүп жатканда ашыкча же кем эмес 11 багыт туура баштапкы багыт катары бекитилген. Анын ичинде, магиялык же нумерологиялык себептер жок. Бирок акырында программанын бардык деталдары иштелип чыгып отуруп, 100-200 бетти камтыган программа болот.

Программада кризистен арылуу үчүн атайы кадамдар каралган. Башында программаны көрсөтүп жатканда биздин туруктуу өнүгүү стратегиябыз жөнүндө да сөз болду. Ошол программаны баштаарда дүйнөлүк экономикалык кризис эске алынган эле. Көрсөтүлгөн 11 программанын дээрлик жалпысынын өлкөдөгү кризиске жана болуп жаткан глабалдуу маселелерге адекваттуу жооп кайтаруу максаты бар.

Бул программаны жаңы шайланган жаңы өкмөтүн келекчекке карай көз карашы десек туура болот. 11 багыт Өкмөттүн аткара турган планы болуп жатат. Эгерде Өкмөттүн мүчөлөрүнө же парламентке жакпай турган болсо, мындай өңүттөгү программа кабыл алынмак эмес. Ал эми кабыл алынган соң, муну өкмөттүн башкы багыты деп эсептесек болот.

Өнүгүү маселеси Өкмөткө, Президентке же бир гана министрликке тиешелүү эмес, жалпы коомчулукка тиешелүү. Бул учурда коомчулуктун толугу менен колдоосу болуш керек. Анткени эл парламентти өзү тандап, өзү шайлап алды. Атайы экономикага жана өлкөнү өнүктүрүүгө багытталган программалардын негизинде шайлагандан кийин программалар бир гана өкмөткө тиешелүү эмес, элге дагы тиешелүү. Муну ар бир мекендеш сезип туруусу керек. Программа өкмөт тарабынан иштелип чыккандыктан, аны аткаруу оболу өкмөттүн мүчөлөрүнө, премьер-министрге, коалициялык топко кирген партияларга жүктөлгөн.

Бул багыттар программа катары жарыяланбаса деле мамлекеттин аткара турган милдети. Албетте, өкмөттүн мындан башка аткара турган милдети көп. Бирок алдыда кайсы процесстерге көбүрөөк көңүл буруу зарылчылыгы бар деген маселе турат. Ошол 11 приоритеттүү багытты бардык багыттардын арасынан тандалып алынган негизги багыт катары карасак болот.

Мамлекеттик ипотекага токтолсок, жалпысынан 11 приоритеттин ичинен 3-4 багыт дал ошол мамлекеттик ипотекага ылайыкталган. Мисалы, билим берүү жаатында жаш кадрларды кармап калуу максатында негизги курал катары ипотекалык компаниялар мугалимдердин турак-жай маселелерин чечип бергенге жардам көрсөтүүсү керек деп жазылган. Мындан тышкары мамлекеттик ипотекалык компаниялар жаңы финансылык кайра каржылоо системасын түзгөнү жатат. Бул система түзүлгөндөн кийин ипотекалык баалуу кагаздар чыгып, бул Кыргызстанда фондулук рыноктун өнүгүүсүнө дагы жана күчтүү адистерди колдонууга дагы мүмкүнчүлүк берет.

Элдин өкмөткө болгон ишенимин кайтаруу үчүн аракетти эртең эмес азыр баштоосу шарт. Аны конкреттүү иштердин аягына чыгып, айтылгандын баарын иш жүзүнө ашырса, элдеги ишеним акырындык менен жанданат.





# Темир очоктогу таш көмүр

Кычыраган кышты Бишкектин батиринде өткөргөн адамдын көмүр менен деле иши жок. Бирок, үй жылытууда эң көп колдонулган көмүр кени электркубаты менен атаандашканы атаандашкан. Бүгүнкү саныбызда көмүр жагылган мештерин караштыралы дедик

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

## Таш көмүрдүн түрлөрү

Кылымдардан бери көмүр отуну негизги жылытуучу каражат катары колдонулуп келгендиктен, учурда анын өнүмү күндөн-күнгө жогорулап, жаңы кен жатактары табылып, карьерлердин, шахталардын курулуусу күч алып барат. Маселен, учурда дүйнө жүзү боюнча жылына 2,5 млрд. тонна көмүр казылып алынат. Бул ар бир адамга 700 кг туура келет дегенди билдирет. Өнүккөн өлкөлөр аталган байлыкты металлургиялык өндүрүмгө кокс катары, же жылуулук электр станцияларында электр энергиясын иштеп чыгуу үчүн иштетип келишсе, акыркы тапта, аны колдонуунун дагы башка жаңы түрлөрү пайда болду. Маселен көмүрдөн кремний, озокерит, пластмасс жана сейрек кездешүүчү германия, галия таштары өндүрүлүүдө.

Анткени менен Кыргызстандын да көмүр казуу жаатында ууч кур эмес. Башкалардан кем калышпай, биздин өлкөнүн жарандары да жылына 2 млн. тоннага жакын кара алтын керектейт. Айта кетсек, өлкөбүздө Сүлүктү, Таш-Көмүр, Көк-Жаңгак, Кызыл-Кыя жана Кара-Кече деп аталган бир нече ири көмүр кендери бар. Серепчилер Кара-Кече көмүр кенинде жылына 6 млн. тоннага чейин көмүр казса болорун айтышкан.

Бирок, мунун баары эле көмүр деп атала бергени менен, адистер аны жалпысынан 3 классификацияга бөлүп карашат. Күрөң, таш жана антрацит деп аталган үч түрдүү көмүрдүн ичинен бизде антрацит менен таш көмүрү кеңири колдонулат. Эксперттер көмүрдү тандоодо алгач эле анын таза бышканына көңүл бөлүү керек экенин айтат. Таза бышкан көмүр кара кочкул түстө болуп, сындырганда чарт бөлүнөт. Ал эми чала бышканы көгүш тартып, оңой менен жарылбайт экен.

## Жайында кургак болуп, салмак баспайт

Азыркы тапта Кара-Кеченин көмүрү менен Казакстандын Кара-Жыра көмүрүнө элдин суроо-талабы күч. Анткени аталган кендердин көмүрү берекелүү болуп, таптуу келет дешет.

Көмүр ташуу менен алектенген Ажыгул: "Көмүрдү керектөөчүлөр кар түшкөндө гана ала башташат. Бизде "кыштын камын жазда көр" деп айтылганы менен, көпчүлүк кыштын камын кар түшкөндө гана көрө баштайт. Качан кычыраган суук түшүп, кар уруп келгенде көмүргө болгон суроо-талап күч алат. Ошого жараша биз дагы суроо-талап күч алганда иштейбиз. Натыйжада, кээде жумалап кезекте туруп, күтүп калган күндөр да болот. Чынында, көмүрдү кышка жеткирбей эле алып койгон адам көп нерседен утат. Мисалы, суук түшкөндө жаанчачын аралашып, нымдуулук көбөйүп дегендей көмүрдүн салмагына ого бетер салмак кошулат. Ошондуктан, жай мезгилинде эле алып, суу тийбеген жерге сактап койгон туура" – дейт.

Анткени менен эл арасында көмүрдү сактоонун да түйшүгү арбын. Себеби, көп сакталган көмүр өзүнөн-өзү өрттөнүп кетүүсү да мүмкүн. Өзгөчө күрөң көмүр нымдуулугун көпкө чейин сактай албайт. Кампада жаткан көмүр акырындап аба менен реакцияга учурай баштайт. Бул процесс көмүр сакталган кампанын жылуулугун арттырып, өзүнөн-өзү тутанып кетүүсүнө алып келет. Ошондуктан мындай көмүрдү узак мөөнөттө сактоонун кереги жок.

## "Буржуйка" – эң өтүмдүү меш

Учурда базарлардан көмүр жакканга ыңгайлаштырылган мештин 50гө жакын түрүн табууга болот. Темирден, же кадимки эле эски газ баллондон жасалган мештер бар. Алардын баасы 1500дөн 8000 сомго чейин жетет.



"Старый толчок" базарындагы мештер

Эл ичинде "Буржуйка" деп аталып калган бул меш батирде жашагандар үчүн өтө ылайыкташтырылган. Баасы 1500-3000 сом. Ал туруктуу турак жайы жок, көчүп-конуп жүргөн ички мигранттарыбызга да абдан ыңгайлуу. "Мешти бөлмөнүн каалаган бурчуна орнотуп, морун терезеден деле чыгарып койсо болот", – дешет сатуучулар. Анткени менен бул жаш балдар үчүн өтө коркунучтуу. Себеби, ал ар кандай шартта, ар кандай абалда тургандыктан, оюнкараак балдардын этиятсыздыгынан көп зыян алып келиши мүмкүн.

"Албетте, бул жакырчылыктан улам замандын талабына жараша иштелип чыккан меш. Мындай мешти совет учурунда жайлоодо жашаган чабандар колдонуп келсе, бүгүн минтип шаарда, жада калса көп кабаттуу батирдин ичинде да колдонулуп атышат", – дейт сатуучулар.

Бишкектин жаңы конуштарынын биринде батирде күн кечирип келген Калбү эже: "Азыр өзүңөр билгендей, светтин баасын да кымбаттатып салышпадыбы. Анан эл дагы электр кубатын болушунча үнөмдөөгө өттү. Мисалы, мен ушул меш менен үйүмдү да жылытам, оокат-ашымды да жасайм, чай дагы кайнатканга жетишем. Көмүрдү тонналап алганга шартым жок, бирок бир кап, эки кап кылып сатып келип күн кечирип келебиз. Эгер үнөмдүү колдонсок, эки кап көмүр бир жумага жетет.

## Орус меши 2-орунда

Элге кеңири таралган кадимки орус мештин баасы болсо 7000 сом турат. Аны толугу менен орнотууга 10 миң сомго жакын акча каражат сарпталат. Меш жасап сатуу менен шугулданган Максат: "Бир чыгынып туруп сапаттуу меш орнотуп алган адам убакыттан да, каражаттан да утат. Орус мешти орнотуу технологиясы башка мештерге караганда татаалыраак. Анткени мештин сырты кыш менен капталып, андан чыккан түтүн дубалды аралап отуруп морго жетет эмеспи. Мындай ыкма менен орнотулган меш жылуулукту узакка сактап турат. Андан сырткары ал бери эле дегенде 10 жыл капиталдык ондоп-түзөөнү талап кылбайт. Ошондуктан акчасынан качпай туруп сапаттуу, көп жылга туруштук бергидей меш орнотуу керек. Ал эми буржуйка сыяктуу мештерди кедейчиликтин айынан келип чыккан "утурумдук" меш десек болот", – дейт.

Базарда орус мештин 5000 сомдук кичине модели да сатыкта турат. Ал орнотууда көп деле мээнетти талап кылбайт. Болгону коопсуз жерге орнотуп, кернейди үйдүн туура жеринен чыгарса болду дешет. Бул моделдеги мешти "буржуйка" менен орус мештин ортосунан чыккан жаңы түрү десек да болгудай.

Бул жаатта адистешип бүткөндөр мешти алууда темиринин калыңдыгына өзгөчө маани бериш керектигин эскертип келишет. Анткени жука темир менен жасалган меш өтө катуу ысыкка туруштук бере албай ээрип, шишип, ал тургай жарылып да кетүүсү толук мүмкүн.

## Мешти туура колдонуу керек

Мештин жакшы тап берип үйдү жылытуусу – көмүрдөн, мештин туура орнотулганынан жана аны туура жагуудан көз каранды. Ошондуктан мештин кернейин кышында 2-3 ирет тазалап, мештин өзүндөгү майда жарыктарды убагында бүтөп, жылына 1-2 ирет ондоп түзөп туруу керек. Өзгөчө кырдаалдар министрлиги жогорудагы жөнөкөй эрежелер сакталбагандыктан өлкө боюнча суткасына 6 өрт кырсыгы катталып турарын билдирди.

# «Жамандын жакшы жагын табуу - чоң маданият»



Өлкөбүздөгү коомдук телеканалдан берилип жаткан "Даңазалуу доор", "Келин" аттуу кино тасмалар учурда көпчүлүктүн көңүл чордонунда турганы талашсыз. Мына ушул калайык-калктын купулуна толгон белгилүү тасмалардын үн коштоочусу, күндө эртең мененки 9дан түнкү 1ге чейин үч кесип менен алектенип келген диктор, актёр, үн коштоочу Эрлан Бекчоро уулу "Саресеп" гезитинде болду. Эмесе, калганын өз оозунан угуңуз...

## Улуу муундагы актёрлорду көрүп, актёр болгум келди

Мен бул чыгармачылык чөйрөнү өзүм тандабасам деле, баары бир ушул тарапты көздөй багыт алмак болушум керек. Себеби, айылда жүргөнүмдө эле ар кандай чогулуштарда, концерттерде, мектептерде бир нерселерди даярдап жаза койгон идирегим бар болчу. Бирок, ал кезде актёр болуп, маданиятка кызмат кылам деген оюм жок эле. Кийин шаарга келгенде гана ачыла баштадым десем болот. Бул жерден улуу муундагы актёрлорду көрүп, өзүм да актёр болгум келди. Баарынан кызыгы, биринчи жылы Бүбүсайра Бейшеналиева атындагы актёрдук-чеберчилик университетине тапшырганда өтпөй калгам. Анткени менен баары бир ушул окууга өтөм деп өзүмө-өзүм катуу максат койгом. Чынын айтсам, мектепти жакшы аяктап, Улуттук тестирлөө борборунун сынагынан жогорку балл алгам. Эгер кааласам, башка окуу жайларга деле өтүп кетмекмин. Бирок, мен башка окуу жайды каалаган жокмун. Өзүм сүрөттү жакшы тартканыман улам, үйдөгүлөр: "Дизайнер болбойсуңбу", – деп ошол окууга өткөрүп коюшту. Бирок мен дизайнер болгум келбейт, – деп баш тартып туруп алдым. Кыскасы, биринчи жылы искусство институтуна өтпөй калганым менен, кийин декандар менен сүйлөшүп жүрүп окууга болгон ынтызарлыгымды билдирип, өтүп алгам.

## Сүйүүнүн азап-тозогун да баштан өткөрүү керек

Биздин университетте 1-курска кадам таштагандан баштап эле өзүңдү актёр сезе баштайсың. Кыйраткан эч нерсе кылбасаң деле, чоң актёр болуп кеткенсип, жылдыз сезиминде болосуң. Башында биз 32 студент болчубуз. Кийин окууну 12 эле адам бүттү. Көрсө, 1-курста студенттер тез эле элге таанымал актёр болуп кетчүдөй болот экен. Арабызда бизге окшоп айылдан да, шаардан да келгендер бар болчу. Айрыкча, шаардыктардын арасында аябай татынакайы, өзүн карап жүргөндөрү да бар эле. Аларды көрүп туруп, булар турганда биз актёр болбойбуз го деп ойлогон күндөрүм да болду. Анткени менен, кийин тескерисинче, ошол сулуучумактын баары окуудан кетти. Жалаң байдардын балдары иргелип кетип отуруп, акыры орточо үй-бүлөнүн балдары гана окууну бүтүрдүк. Менимче, чыгармачылык менен тагдырың байланышып турбаса, актер болуу деле кыйын. Мисалы, бул жашоодо сүйгөндү да билиш керек деп ойлойм. Ошол сүйүүнүн азабын тартканды да, сүйүү эмне экенин да билиш керектей сезилет мага.

## 24 жашымда 12 жашар баланын ролун ойнодум

Биринчи курс кезимде биздин окуу жайда кайсы бир киного тартылуу үчүн кастинг болуп калды. Такшалган адамдар келип, бизди ар кандай талаптар менен сүрөткө тартып, тасмага тартып кетишкен. Кийин бир күнү эле: "Сизди тасмага тартсак болобу?" – деп чалып калышты. Мен да турамбы. Дароо эле макулдугумду бердим. Ошентип эң биринчи тартылган тасмам "Жел кайып" болду. Биз окуп жүргөн кезде кино чанда тартылчу. Азыр кино тармагы театрга караганда тездик менен өнүгүп баратат.

Негизи эле ар бир ролду жаратууда өзүнчө кыйынчылыктар болот. Мисалы, сиз деле ыйлап, күлүп дегендей роль жаратып коюшуңуз мүмкүн. Сырттан карап турган кишилерге бул оңой сезиле берет. Ким болбосун, тагдырына таарынган кишинин ыйлап жаткан образы менен ыйлап коюшу мүмкүн. Бирок, биз бул кесипти тереңдеп окугандыктан, ошол каармандын жан дүйнөсүн, образын тереңирээк ойлонгонго үйрөндүк. Биз ар бир каарман үчүн жүрөгүбүздү оорутабыз. Каармандын образын даана чагылдыруу үчүн, так ошол каармандай болгонго аракет кылабыз. Аракечти ойноп жатсаң, сөзсүз түрдө алар менен аралашып көрүшүң керек. Аралашат десе, аракечтер менен шарап ичип, бөтөлкө чогултат го, деп туура эмес ойлобогула. Жөн гана алар менен сүйлөшүп, жан дүйнөсүн билүүгө аракет кылабыз. Чынында, буга чейин аракечтин деле ролун ойногон жокмун. Атасы ичип кетип, апасы жокчулуктун азабын тарткан, кошуналары начар, колунда жок үй-бүлөдө жашаган 7-класста окуган баланын ролун ойногом. Бул образды жаратууда, ошондой адамдарды издегенге аракет кылдым. Мен бул ролду 24 жашымда ойногом. Мында сөзсүз түрдө кичинекей баладай болуп сүйлөө маанилүү эмес. Бул жерде ал баланын оюн, сезимдерин чагылтуу керек. Негизи, актёр каармандын сырткы көрүнүшүн эмес, жан-дүйнөсүн ойношу керек. Ошол үй-бүлөгө окшогон кошуналарым бар болгондуктан, алар менен сүйлөшүп көргөнгө аракет кылдым. Баржокту көрүп калган адамдар зээндүү келип, турмушка болгон ойжүгүртүүсү өзүнүн теңтуштарына караганда кеңенирээк болуп калат.



Эрлан апендинин образында

## Талантың менен тагдырың бири-бирине чырмалышып турат

Актёр болуш үчүн адамдын кичине чымыны болушу керек. Көңүлү жок адам актёр боло албайт. Актёр болуш үчүн эң биринчи укканды билүү зарыл. Бирөө бир нерсени айтып жатканда жакшы жерлерин угуп калууга аракет кылыш керек. Кийин ошол нерселердин пайдасы сөзсүз тиет. Агайлар сабак берип жатканда да насааттарын айтат. Студенттердин арасында аны укканы бар, укпаганы бар. Агай сүйлөп жатса, телефонунун чукулап отургандар болот. Коом чыгармачыл адамдарга карап жасанып-түзөнгүсү келет. Талантты чыгарган тагдыр деп коёт. Канчалык тагдырга байланып турсаң, ошончолук бийиктикке чыгат. Убагында болбосо дагы кийин сөзсүз түрдө мөмөсүн аласың. Талантың менен тагдырың бири-бири менен байланышып, чырмалышып турат.



Жетим баланын образында

## Кээде түшүңдө көргөн нерсе өңүңдө болгондой таасир калтырат

Ар бир образды жаратқандан кийин ал образдын жакшы жагын өзүңө сиңире бересиң. Ушакчыны көрүп ии, ушакчы экен деп ага да суктанып коёсуң. Анан анын да образын жаратасың. Натыйжада, ушакчынын жакшы жагын сиңирип алышың мүмкүн. Негизи эле жамандын жакшы жагын табуу – чоң маданият. Эгерде жакшыны ойлоп, ошол ойду баккан, өзүңдү жакшы сыйлай билген адам болсоң, анда сенден акыры бир жакшы жыйынтык келип чыгат. Биздин улуу агай-эжелерибиз: "Мен баландай образ жараттым эле, ошол эмнегедир турмушумда да кайталанып жатат", – деп айтып калышат. Жаратып жаткан терс образдарды, чындыгында өзүңө каалагың келбейт. Кээде ошол образдар мага кайтып келбесе экен деген коркунуч болот.

## Мезгилдин өтүшү менен адамдын аң-сезими дагы башкачараак болуп баратат

"Азыркы жаштар жалкоосуңар, оңойду жакшы көрөсүңөр. Кызыл-жашылга да көнүп калгансыңар", – деп улуу агайым айтты эле. Театрда психологияга таасир берчү күчтүү спектаклдер болот. Мурункулар китепти да окушчу, китептегини сахнадан да көрүшчү. Азыркылар китеп окугандан алыстап калган. Чынында жаштардын китеп көтөрүп жүргөнүн көрбөйсүң. Мугалим: "Эртең окуп кел" – деп коркутпаса, такыр эле окубай койсо керек. Театрга да жаштар келип калат. Бирок алар отурган жак күбүр-шыбыр болуп, сахнадагы оюнга көңүл бурушпайт. Жаштардын көпчүлүгү телефондорун чукулап отурушат. Театрга болгон кызыгуулары жок. Эмнеге ушундай экенин билбейм. Баардык жаштар жеңил ойлуу. Анан калса, жалтырактарды да жакшы көрүшөт. Заманга жараша театрдан алыстап баратышса керек. Башка өлкөлөрдү карасаң, аларда киного киргендей эле театрга да кызыгышат. Мезгилдин агымы менен адамдын аң-сезими дагы башкачараак болуп баратат окшойт.


## Актёр болуп жан-дүйнөмдү кеңейттим

Актёр болуу менен өзүмдүн жан-дүйнөмдү өстүрүп жатам десем болот. Ар кандай образды жаратып жатканда, ошол образды чагылдырган китепти окугум келет. Ошого байланыштуу окуя көргүм келет. Кесип аркылуу жан дүйнөмдү байытып атам десем болот. Мурда актёр эже-агайларды көрүп, менин да убактым ушулардыкындай тар болуп калса экен деп тилечүмүн. Эми азыр ошол тилектер орундалып жаткан мезгил. Кээ бирлери мактанып койду деши мүмкүн. Бирок мен эртең менен эрте туруп театрга барам. Театрда түшкө чейин иштейм да, түштөн кийин радиого келип, диктор катары кабар окуйм. Ал эми бош убактарда котормо студияларга барам. Алардын бири – коомдук биринчи канал. Ал жакта азыр элдин баарына белгилүү "Келин" киносундагы Анандинин кайнатасынын үнүн коштоп атам. Ал эми "Даназалуу доор" киносунда Сулейман султандын Мустафа аттуу баласынын жан-жөкөрү, Ташлык Жалы Яхьянын үнүн аткардым. Ошентип үйгө түнкү бирлерде барам. Күнүгө ушундай тартипте жашоом өтүп жатат.

Бетти даярдаган
АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

# Мукай Элебаев – көркөм сөз чебери

Негедир "Үркүн" деген сөздү кулагым чалганда, Мукайдын классикалык "Бороондуу күнү" деген кичинекей аңгемеси эсиме түшүп, Зарлыктын образынан турмушка, келечекке оптимисттик көз караш менен кадам шилтеп кетип бараткан Мукай атабыздын жаркын элеси көз алдыма тартылат:



## Кыска өмүргө кыскача маалымат

Профессионалдуу адабияттын мээнеткеч дың бузарларынын бири – Мукай Элебаев 1906-жылы Ысык-Көл облусуна караштуу Түп районунун Чоң-Таш айылында туулган. Мукай кыргыз элине калтырып кеткен көөнөрбөс мурастарын өзгөчө жылуу сезимдер менен эскере турган адамдардын бири. Мукайдын кыргыз-совет профессионал адабиятын түптөөдөгү салымы зор. Алгачкы кыргыз интелигенттериндей эле, Мукай Элебаев да карапайым элдин катарынан суурулуп чыккан билимдүү, чыгармачыл адам эле. 9 жашынан жетим калып, кара жандын айласын табыш үчүн ар кайсы байдын кызматын кылат. 1916-жылы үрккөн эл менен бирге Кытай жергесине качат. 1919-жылы Кытайдан аман-эсен кайтып келип, 1920-жылы бир аз убакыт Жылуу-Булак айлында ачылган "Жаңы окуу тартиби" деп аталган сабатсыздыкты жоюучу мектепте билим алган. 1921-жылы Пржевальск шаарындагы мектеп-интернатта тарбияланат. 1924-жылдан 1926-жылга чейин Түптөгү Айыл чарба ветеринардык техникумунда окуган. 1930-жылы Фрунзе шаарындагы педагогикалык техникумду ийгиликтүү аяктаган. 1924-жылы "Эркин-Тоонун" алгачкы сандарына анын "Зарыгам" деген ыры деген басылган. Бул ырда автор билимге суусаган кыргыз жаштарынын кыял-тилектерин, мүдөөлөрүн чагылдырган.

## "Зарыгам"

*Таңды-кеч ойлоп талыгам,*
*Талыкшып жаным тарыгам.*
*Амалым жок жол кыска,*
*Ойлонуп жатып зарыгам.*
*Канткенде табам амалын,*
*Көкүрөктө жаранын*
*Алыста окуу артык деп,*
*Угамын катуу кабарын.*
*Издеген окуу мен карып,*
*Эзилдим жатып саргарып.*
*Канат кагып жете албай,*
*Каламбы куру сандалып.*

"Зарыгам" жарыкка чыгары менен Ала-Тоонун жылга-жыбытына чейин жетип, сабатын жоём деген кыргыз жаштарынын арасында жатка айтылып калган.

1928-жылы жарык көргөн "Биздин жаштар" деген ырында бир кездеги көчүп-конуп жүргөн элдин, кедей-кембагалдардын балдарынын Москва, Ташкен, Алматы шаарларында окуп жүргөнүнө сүйүнгөнүн жашырган эмес.

## "Узак жол"

Мукай Элебаев кыргыз акын-жазуучуларынын ичинен адабияттын бардык жанрларында калемин сынаган. Мукай – акын, прозаик, драматург, артист жана адабий сындын негиздөөчүлөрүнүн бири болгон. Кыргыз адабиятында алгачкылардан болуп, реалисттик мүнөздөгү автобиографиялык "Узак жол" романын жазган. Бул роман "Зарлык", "Кыйын кезең" аңгемелеринин уландысы болуп саналат. "Узак жол" романында Мукайдын өз башынан өткөргөн турмушу баяндалат:

"Туманга чулганган түнөрүңкү таңдын суук илеби уруп жаткан. Үркүп келген эл үчү-кыйырсыз талаада быкылдашып, жайма-жай. Капыстан арка жактан атылган замбирек үнү жаңырды. Кишилер алдыга умтулушту, бирок чек арачылар жаадырган ок деңиздей толкуган элди артка сүрдү… Кишилер эки оттун ортосунда жандалбас ура баштады. Алар бир аз токтой калышып, кайрадан чек араны көздөй жөнөштү. Алга умтулган эл эч нерсени карабады. Мына алардын жолун албууттанган Музарт дарыясы тосту. Бул жерде не деген апаат, не деген кыргын болду дейсиң! Бир жерде бешигинен ажырабай аял сүзүп баратса, тигинде жүк-мүгү менен ат чөгүүдө, үчүнчүсүндө – өлүк жээкке сүрүлсө, төртүнчүсүндө чөгүп бараткан баланын артынан бакырган боюнча чал кетти, бешинчисинде – кимдир бирөө өлүктүн жанында ыйлап-сыктоодо… Бардыгын айтууга мүмкүн эмес".

## Бороондуу күндөн бир сүрөт

Кыргыз элинин башынан өткөн бул "улуу каргашаны" кыргыз жазуучуларынын кимиси гана жазбады. Улуу Уркүндүн жүз жылдыгын утурлай, мамлекеттик деңгээлде иш-чаралардын өтүлө тургандыгы, албетте ошол картинаны жан-терисинен өткөргөн кыргыздын алгачкы интелигенттеринин да бейнесине гүлчамбар коюу дегендикке жатат. Негедир үркүн деген сөздү кулагым чалганда, Мукайдын классикалык "Бороондуу күнү" деген кичинекей аңгемеси эсиме түшүп, Зарлыктын образынан турмушка, келечекке оптимисттик көз караш менен кадам шилтеп кетип бараткан Мукай атабыздын жаркын элеси көз алдыма тартылат:

"…– Ушул эле болот мага, – деп ирегеде жаткан бир кап тезектин жанына тердикти жая салдым. Жаздыгым ошол боло турган. Бут сунарга жер жок. Жанымда коломто. Жатканымдан кийин талпакты сүйрөп келип, үстүмө таштап койду да, кемпир: "Эртең бороон баштаганда кет. Жолдо куруп каларсың" – деди күңкүлдөп. От өчтү. Үй жер кепедей караңгы. Жымжырт. Тыштан гана улуган бороондун күчү менен илдибары кеткен жаман үзүк делпилдеп, уукту сабап турду… Эртеси бул үйдөн бир адам серпиле электе туруп алып, жолго түштүм…"

Урматтуу окурман, ушул кичинекей эле сүрөттөөдөн Мукайдын чыныгы сөз чебери болгонун баамдаган чыгарсыз

М. Элебаев кыргыз жазуучуларынын ичинен дүйнөлүк жана орус классикасын кыргыз тилине оодарып, которууну баштаган. Н. В. Гоголдун "Шинелин", "Өлүк жандарынын" айрым бөлүктөрүн, Фурмановдун "Козголоңун" Л. Н. Толстойдун, А. С. Пушкиндин, С. Маршактын, Маяковскийдин чыгармаларын кыргыз тилине которгон.

## Мукай профессионал

Башка акын-жазуучулардан айырмаланып, Мукай сөзгө өтө сараң болгон. Келечек-муунга таберик болуп кала турган чыгарманын деңгээли канчалык даражада бийик боло тургандыгын сезе билген. Ошол себептүү ал маанисиз жазган жок. Ар бир чыгармасына профессионалдуу мамиле жасаган. Калем акыны көбүрөөк алуу үчүн аракет кылбады. Жармач турмушта, шыбы жапыз, тар эки бөлмөдө гениалдуу чыгармаларын жаратты. Кийинчерээк Түгөлбай Сыдыкбеков Мукайды минтип эскерип жатканын бир телеберүүдөн көрүп калдым. Түгөлбай аксакал: "Биз Мукай Элебаев экөөбүз таяк-жээн болор элек. Жаш курагымдын көбү ошолордун үйүндө өттү. Түпкү бөлмөдө Мукаң кайталангыс чыгармаларын жазып жатса, ашкана катары колдунулган ылдыйкы бөлмөдө бала-бакыранын ызы-чуусу, жеңем жууган идиш-аяктардын калдырагынын күүсүндө мен да чыгармачылык менен алектенчү элем" – деп айтып жатпайбы. Ушунун өзү Мукайдын кандай шартта жашап, кандай чыгармаларды жазганынан кабар берет. Бул тууралуу эгемендүүлүк жылдарында жарык көргөн Мукайдын көбүнесе күндөлүктөрүнөн жыйналган "Жарыяланбаган чыгармалар" деген китебинен окуп алсаңыздар болот. Кандай болгон күндө да, Мукай жети атасынан бери адабият айдыңында бел чечпей жаза билген үй-бүлөдө туулгандай, төрөлгөндө эле адабият бешигинде термелгендей сезилет. Турмушту таанып билгени менен адабий чыгарманы жаратуудагы анын ыкмаларына, жөнөкөйдөн шумдуктууну жасап койгон чеберчилигине адабияттаануучулар бүгүнкү күндө таңкалышат да, суктанышат.

## "Улуу марш"

Өмүрүнүн акыркы жылдарында Мукай Элебаев "Салам кат", "Улуу марш" аттуу эки ыр жыйнагын жараткан. "Улуу марш" акындын патриоттуулук темасындагы ырлар жыйнагы. Кас душманга карата болгон өзүнүн ички сезимдерин билдирген. Ата журттун кулундарын кан күйгөн кармашка шыктандырган, жоокердик духун көтөрүү үчүн акындын жүрөк толтосун жарып чыккан бул ырынын поэтикалык да, патриоттулук күчү зор болгон.

*Эркин кулдап, күңдөй жумшап бүлөсүн,*
*Нечен жылдар аккан тердин мөмөсүн.*
*Тартып алсам деген кара ниеттин,*
*Кордугуна кантип тирүү көнөсүң?*
*Улуу марш, улуу сынга,*
*Сал баарын эч аянба!*
*Эр жигит эми келди,*
*Сыналчу зор майданга!*

Ушундай чыгарманы жараткан акын 1943-жылы фронтко аттанып кеткен. Калемине автоматты жолдош кылып, Ата Мекенди фашисттик баскынчылардан бошотуу учурунда да жоокерлерди жеңишке шыктандырган ырларды жазып жүрүп отурду. 1944-жылы 15-майда Мукай Элебаев кан күйгөн кармашта баатырларча курман болуп, сөөгү Псков облатындагы Лонова – Гора деген жердеги боордоштордун мүрзөсүнө коюлган.

## Эл эскерип…

Мукай Элебаевдин туулган жери Түп районун Чоң-Таш айылында музейи бар. Түп районунун Талды-Суу орто мектебине Мукайдын наамы берилген. Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон районундагы орто мектеп да Мукайдын ысымын татыктуу алып жүрөт. Республикабыздын көптөгөн көчөлөрүндө да Мукай Элебаев атындагы көчө деген такталар илинип турат. Түп районунун борбрдук китепканасы да М. Элебаевдин наамында. Муну мен аз жашаса да, маңыздуу жашап, аз жазса да маанилүү жазып өткөн Мукай атабыздын жаркын элесине болгон, кыргыз элинин урматтоосу, сыйы деп түшүнөмүн.

"Кыргыз адабиятында эч кимдикине окшобогон өзүнчө жолу бар, ташка-тамга баскандай изи бар, Каап, ушул адам согуш болбой, узагыраак жашаса дагы бир укмуштуу чыгарманы жазаар беле, элине ат көтөргүс кызмат кылып берер эле" деген арманы бар мукайчылардыда көргөнбүз. Канткен күндө да жакшысын өлүмгө кыйгысы келбей, өлүм периштеси жанын алып кеткен күндө да, артында бейишин тилеген кызырлуу кыргыз элибиз бар. Ата журттун мыкты уулдары менен ар качан сыймыктанабыз. Максатыбыз да ушундай шейит кеткен аталарыбыздын арбагын ыраазы кылуу. "Өлгөндөр даңкталмайын, тирүүлөр баркталбайт" деген сөз жазганыбызга шайкеш келет окшойт.


ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ



Мукай аялы Бурулча менен

# Кул "жеймин" дейт куйрукту, Кудай билет буйрукту

Ажылык сапары аяктаган соң, бир сыйра тытышуу салтка айланды. Адаттагыдай Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгы менен Мамлекеттик дин иштери боюнча комиссиясы коррупциялык схема түзгөн деп айыпталды. Чабуул мурункудай эле бул эки уюмдун жетекчилерине кылынды. Ал экөө адатынча сүттөн ак экенин айттырышты. Бирок маселенин баары акчада экени айдан-ачык





## "Бул жакта миллиондогон акчалар бар" дешти...

Укук коргоочу **Акин Токталиев**: "Муфтият менен Дин комиссиясы өз билгенин кылууда. Учурда дин комиссиясынын директору Орозбек Молдалиев эки кабаттуу үйдөн экини салып жатат. Ал бул акчаны каяктан алды деп ойлойсуз? Молдалиевдин аялы муфтиятка барып "Байкенер келе албай калып, ордуна мен келдим. Мык, цемент, эшикке акча жетпей жатат", – деп акча алып кетип турат экен. Ушундан улам муфтияттын башкы бухгалтери, Бекиев Жеңишбайды жумуштан кет дедик. Ал болсо: "Мен жумуштан кете албайм. Муфтиятка колу-бутум менен байланып калгам. Молдалиев менден акча жеп кеткен. Эгерде мен кетсем, ошонун баарын мойнума илип коёт. Ал мени тынч иштей beresиң деген. Бирок, бул жакта тынч иштөө мүмкүн эмес экен. Бул жерде миллиондогон акча бар турбайбы", – деди. Эгерде бул такталбаган маалымат болсо, анда Молдалиев бизди сотко берсин. Биз аны менен соттошконго да даярбыз", – деди.

Андан сырткары, ал: «Кыргызстанда диний экспертиза деген жок жана болгон эмес. Адамдарды экстремист, террорист кылып жаткан дин комиссиясынын директору Орозбек Молдалиев. Мына ушундан улам биз Башкы прокурорго, Жогорку Кеңешке, өлкө башчысына кайрылганбыз. Кайрылууда Дин комиссиясынын теологиялык экспертизасынын негизинде 2012-жылы 269 адам, 2013-жылы 309 адам, 2014-жылы 334 адам соттолгонун билдирдик. Бирок, Юстиция министрлиги: "Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын экспертиза жүргүзгөнгө укугу жок", – деди. Учурда бул маселе Жогорку Кеңеште каралууда. Дин комиссиясында теологиялык экспертиза формалдуу түрдө гана жүргүзүлүп жатат. Мунун кесепетинен миңдеген мусулмандар камалып, мыйзамсыз соттолуп кетти. Аларды чыгаргыла деп какшанганыбыз менен эч жактан колдоо ала элекпиз. Биздин өлкөдө террорист жана экстремист жок. Аларды билилик өзү эле ойлоп чыгарып жатат. Мисалы, мусулмандын үйүнөн табылган бир китепти сизге: "Карап көргүлө", – деп берет. Ал китепти сиз карап көргөндөн кийин, карадым, болдубу? деп сурайсыз. Ошондо алар: "Бул экстремисттик китеп, деп жазып бер", – дейт. Анан сиз алар айткандай жазып бергенден кийин жанагы мусулманды камап салат", – деп кошумчалады.



## Молдалиев муфтиятты өзүнүн капчыгына айлантып алган

Укук коргоочу **Келдибек Аскаралиев** муфтият мусулмандардын акчасын жеп жатканын төмөнкүчө баяндады: "Мамлекеттик дин комиссиясы менен Муфтиятта болуп жаткан жумуштар боюнча маалымат берип коёлу дегенбиз. Быйылкы ажылыкка баруууда 500 квота жалпы элге жарыяланбай сатылып кеткен. Алар анын акчасын пайдаланышкан, бирок кайсыл жакка пайдаланганы, эмне кылышканы белгисиз".

"Негизи, Мамлекеттик кызматкердин жашын чектеген мыйзам бар. Ошол мыйзамдын 31-беренесинде "65 жашка чейин" деп жазылып турат. Ал эми Дин комиссиясынын директору Орозбек Молдалиев 70ке чыгып калганына карабай, дагы деле иштөөдө. Же эмне Молдалиев алмашылгыс адамбы? Же мунун ордуна башка киши иштей албайбы? Болбосо, Орозбек Молдалиев муфтиятты өзүнүн капчыгына айлантып алган. Мусулмандардын эсебинен аялын Умрага алып барып келет. Учурда там салып жатат. Биз укук коргоо органдарына бул маселе менен кайрылганбыз. Муфтиятка башкы бухгалтерди отургузуп коюп "крышовать" этип атат. Муфтияттын башкы бухгалтери Бекиев Жеңишбай 2000-жылы Токмокто кагаз чыгаруучу фабрикада иштеп жүргөндө кылмыш жоопкерчилигине тартылган. Андан сырткары Ош шаарынын жана облустук сотунун 2011-2012-жылкы өкүмү турат. Буларга карабай муфтиятта башкы бухгалтер кызматын ээлеп турат. Бул боюнча эч кандай чаралар көрүлгөн эмес", – деди укук коргоочу Даулет Мейманкулов.

*Ал эми КМДБнын башкы бухгалтери Жеңишбай Бекиев менен муфтийдин орун басары Замир Ракиев жогоруда айтылган сөздөрдүн баарын жалганга чыгаруу менен төмөнкүдөй пикирлерин билдиришти.*



## "Жарыя кылбай жибергиле", - дешкен.

**Муфтийдин орун басары Замир Ракиев** 500 кишиге чучу-кулак өткөрүү үчүн 1 ай убакыт керек экенин, бирок бул кошумча 500 квота ажылыкка 5 күн калганда берилгенин айтты. Ал: "Быйылкы ажылыкка 4185 адам барып, аман-эсен кайра кайтып келишти. Биз 3 күндүн ичинде 500 квотаны кандай болбосун толуктashыбыз керек эле. Бул Саудиядан келген катта деле ачык жазылган. "Колдон келишинче жарыя кылбай жөнөткүлө", – деп турат. Эми мунун баарын элге жарыя кылбай коюу дагы кыйын экен. Биз башка жактан адам таап алып бара албайбыз да. Негизи, 500 киши үчүн чучу-кулак өткөрүп, документ топтоого бир айдай убакыт керек. А бул кошумча квота болсо, 5 күн калганда келип атат. Натыйжада, бизге кат жазып, арыз менен кайрылган, бирок орун табылбай калган жарандарыбыз бар болчу. Ошолорду комиссия бирден карап чыгып: "Арыз бергендер кабыл алынсын. Калган квота орун жетпей калган облустарга бөлүнүп берилсин", – деген чечим кабыл алган. Чынында, ушул 500 квота менен кеткен бир дагы чет элдик жаран жок. Кудайга шүгүр, бардыгы өз орду менен болду", – деп билдирди.



## "Бардык которуу банк аркылуу жүргүзүлөт"

Ал эми **Кыргызстан мусулмандар дин башкармалыгынын башкы бухгалтери Бекиев Жеңишбай** болсо, Орозбек Молдалиевдин аялын жана Акин Токталиевди көрбөгөндүгүн мындайча билдирген: "Эки жолу түрмөгө отургум келбейт деп айтты дешет. Мени "Эки жолу түрмөгө отуруп чыкты" деген сөз жалган сөз. Токмокту мен уккан эмесмин. Өзүмдүн кесибим өзүмө жагат. Муфтиятта 2014-жылдан бери эмгектенип келем. Молдалиевдин аялын да, Акин Токталиевди да көргөн эмесмин. Муфтиятта видео көзөмөл бар. Ким качан келгенин текшерсе болот. Бир адамга да бир сом бербейм. Муфтиятта иштегендердин гана айлыгын берем. Мен келгенден баштап бензин болобу, же кеңсе буюмдары болобу, айтор бардык нерсеге төлөө иштери банктан которуу жолу менен жүргүзүлөт. Эч ким колуна акча ала албайт. Кимдир бирөөнүн кызыкчылыгы жок".



## Мунун баары жалаа

**Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын директорунун орун басары Осмонов Бактыбек** төмөнкүлөрдү айтып берди: "Кыргыз Республикасынын "Кылмыш жаза процессуалдык кодексинин" 204-беренеси боюнча, уюм болобу, же жеке адам болобу биз тиешелүү токтомду аткарууга милдеттүүбүз. Ошонун негизинде биз экспертиза жүргүзөбүз. Укук коргоочу Акин Токталиев 26 мамлекеттик мекемеге бул маселе боюнча арыз менен кайрылган. Эгер биз туура эмес кылсак, Башкы прокуратура бизге кайрылмак. Укук коргоочулар кандайдыр бир маалымат жыйын берип жатканда, буга тиешелүү мыйзамды окуп алышы керек. Токталиев 3 жылда бардык конфессиялардын текшерилген китептерин бириктирип туруп, "миңден ашык киши экспертизадан өткөн китептердин айынан соттолду", – дептир. Азыр Республикада 134 адам террорлук, диний экстремисттик кылмыштар боюнча соттолуп, түрмөдө отурат. Ошонун ичинен 69у диний экстремисттик уюмдарга таандык. Ал эми 65и эл аралык террорчулукка жана Сирияга согушка кетүүсүнө байланыштуу капаста отурат."

Ал эми кийинки айыптоолор тууралуу Бакытбек Жарыкбекович: "Биздин жетекчини муфтияттан оокат кылып жатат деп айыпташыптыр. Мен А. Токталиевге эгерде далилдер болсо, укук коргоо органдарына кайрылыңыз, деп айтсам, ал: "Жок, Молдалиев мени сотко берсин", – деди. Бул кишинин өзүн жоопко тартыш керек. Биздин жетекчибиздин жубайы муфтиятка барып кассасынан акча алат дейт. Тамы боюнча сурасам: "Ал там боюнча сүрөттү бирөөлөр алып келип берген", – дейт. Бирөө алып келген кагазды эле айта берген болбойт да", – деген жообун айтты.

*Кыскасы, ажылык башталарда жана бүткөндө ушундай уч тараптуу бири-бирин күнөөлөө жаман адатка айланды. Кимиси болбосун каршылашын сотко берем деп коркутат. Бирок ушуга чейин кимдир бирөөсүнүн сотто утканы, же күнөөлүү тараптын айып тартканын көрө элекпиз. Буга чейин мындай тирешүүлөр болгону муфтийлердин сабалуусу менен, же үй-бүлөлүк маселелеринин ашкерелениши менен аяктап келген. Айтор, муфтияттагы каржы чарбачылыгына ким ээлик кылары ушуга чейин мыйзамсыз жолдор менен чечилип келгени байкалып тургансыйт.*

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

# Кара булут каптабасын казакты

Казак боордоштордун эркелеткен ажосу Нураке элин тажатып бараткан сыяктуу. Эгемендик алгандан бери негизги ураанга айланган "Өлкөбүздө, Кудайга шүгүр тынчтык" упчусунун лимити байый баштагандай таасир калтырды. Анан калса, бир караган адамга калктын телегейи тегиздей көрүнгөнү менен адилетсиздиктин куу сөңгөктөрү оркоюп чыга калып турду...



ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

## Казакстандын бардык аймагы бирдей эмес

Саресеп гезити исламдын улуу аалымы Кожо Акмат Ясавинин кабыры жайгашкан Түркстанга зыярат кылганча, казак боордоштордун ал-акыбалы менен таанышып келүүнү чечип, сапарга аттанды. Алгач салам берип, алик алып дегендей, кыргыз-казак чек арасынан шыр эле өтүп кеттик. Буга чейин ары-бери байма-бай каттап турган жарандарыбыздын айтуусу боюнча жакынкы убактан бери казак чек арачыларынын мамилеси кыйла оңолуп калыптыр. Албетте, бул жаңылык бизди кубантпай койгон жок. Бирок, бизди кубанта да, өкүнтө да турган жаңылыктар али алдыда турган экен...

Биз аттанып чыккан байыркы Түркстан шаары Чимкент облусунда жайгашкан. Бул чынында Казакстандын эң ток пейил аймактарынан болуп саналат. ГАИлери да башка жерлерге караганда алкымы куушураак. Айтмакчы, Чимкентке чейинки Жамбыл облусунда жол кайгуулчулар биздин номурду көрсө дароо токтотуп, акча алат экен. Дайыма каттап көнүшүп калган кыргыз таксисттер 500 теңге (100 сом) ставка коюп алышыптыр. Анысын тарс ыргытып коюп шуулдап сапарын улашат. Кокус ГАИ бар экенин алысыраактан байкап калышса, алдыдагы машиненин далдоосуна жашынып өтүп кетишет. Албетте, жогоруда айтылган ставка жөн гана "дем алганың" үчүн төлөнөт. Ал эми жол эрежесин бузсаң, айып пулдан айлаңды таппай каласың. Мисалы, коопсуздук курун курчанбаганың үчүн эле 10000 теңге (2000 сом) айып пул каралган.

## Түркстанда өзбек туугандар да казакча сүйлөйт

Казакстандын Чимкент облусу өзбек агайындар эң көп жашаган аймак. Биз барган Түркстан калаасынын дээрлик 50 пайызы өзбектер. Бирок, баарынан кызыгы алардын баары казак тилинде сүйлөйт. Ал тургай көзү көк, чачы сары орус чалышы деле казакча сүйлөп жүрөт. Мына ушундан улам, Чимкентте биздин Ош жергесиндегидей улут аралык тополоң такыр катталган эмес. Ортодогу айрымачылыктарды көрүп туруп, биздин кыргыздардын Кыргызстанда туруп өзбекче сүйлөп кеткени өзүнчө феномен экен деп жыйынтык чыгарууга туура келди...

Ар улуттун өзүнө жараша иштеген тармагы бар дешти. Өзбек туугандар адаттагыдай эле коомдук кызмат тараптарында, айрыкча калкты тамак-аш менен камсыздоо жагында иштешет. Анткени менен кафе-ресторан кармаган өзбек туугандардын кол алдында иштегендердин көпчүлүгү – казак улан-кыздары.

Айтмакчы, тили казакча чыгып калган казакстандык өзбектерди Өзбекстандагы туугандары "казак" деп коюшат экен. Эң биринчи наразычылыкты ушул себептен уктук. Биз менен маектешип отурган казак жигит: "Биздин өзбектер Өзбекстандагы туугандарына бара албай кыйналып жүрүшөт. Деги ушул карыган диктаторлордун доору качан бүтөт", – деген наразылыгын айтты.

"Атам экөөбүз бир жолу Ташкентке барып келдик. Кытайга барсаң да мынчалык кыйналбайсың. Өзбектер бизге келсе да, ушундай эле түмөн түйшүккө кабылат экен. Бул эң жаман көрүнүш. Бир тууган эл болгондон кийин биримдикте болушубуз керек эле. Керек болсо чек аранын да кереги жок эле бизге", – деп кебин улантты.

Кай бир кыраакы серепчилер: «Орустун таалимин алып, ортомчулугуна көнүп калган улуу муун бийликтен кетмейин, бул аймакта биригүү болбойт», – дешет. Чынында эле, эл аралык жолугушууларда кыргыз, казак, өзбек жигиттери бир заматта тил табышып, биригип кетип атканына баарыбыз күбө болуп жүрөбүз.

## Той тойлогон боорлор, кетип аткан доорлор

Түркстандагы кафелердин көпчүлүк кардарлары казак боордоштор. Аларда да бизге окшоп тойторопонун түрүнөн башың адашат. Анан калса, теле берүүлөрүндө да ошонусу менен мактанып калышыптыр. Өткөндө бирөө: "Жума сайын кол алдымда иштегендер үчүн дасторкон жайып, аңтарылта тойгузам", – деп чыгып алыптыр. Кырдаалды жазбай түшүнгөн өзбектер да казактардын унутулуп бараткан улуттук тамактарын бышырып бере салат.

Казактар болсо өздөрүнө наразы. "Жалкоо элбиз" дешет. Союз убагында Түркестан аймагы тарыхта бир эле жолу 49500 тонна пахта тапшырган экен. Ал жылкы пахта жыйноого чоң шаарлардан айылдарга он миңдеген студент жиберилиптир. Ал эми азыркы отчеттордо "Жылына 50-80 миң тонна пахта алдык", – деп жазгандарын көрүп калып атабыз. Ой, кайдагы 50 миң, 80 миң тонна? Жатабыз го талаанын баарын камыш басып. Пахта терген комбайндын да, шаардан келген он миңдеген студенттин да дайыны жок. Деги мындай ойдон чыгарылган сандардын кимге кереги бар?", – дейт казак боордошубуз.

Дагы бирөө Түркстандагы бир эсе таң каларлык, бир эсе кыжырды кайнатаарлык окуяны айтып отурду: "Аа, баса, быйтыр түрктөрдүн президенти Түркстанга келип өздөрү салган мечитти ачкан. Мечит эми тим эле сонун. Төрт тарабын айнектен кылып, керилте салышты. Ал жагында кымындай да айып жок. Кептин баары беркы биздикилерде болуп атпайбы. Ошол мечиттин ачылышы болгон күнү Назарбаев экөө калаанын эң жакшы ресторанынан түштөнөбүз дешкен. Шаштысы кеткен шаар башчы жол боюндагы карапайым элдин үйлөрүн, асфальт төшөлбөгөн жолдорун жашыргысы келип, бир күндүн ичинде 3 чакырымчалык жолдун эки тарабын темир шыйпыр менен коргондоп чыкты. Кийин эки ажо келип кеткен соң, анысы кыйшайып кулап калды. Бу сапар элден уялды окшойт, айласы жок фундамент куйдуруп, кирпичтен устун орнотуп, корукту кайра тургузду".

"Жалпы казакка тиешелүү майчучуктун үлкөн кесимин Нуракенин тегерегиндеги он чакты адам гана аймап жатат", – деген кеп да эл арасында байма-бай айтылууда. Чимкентте 10-15 жылдан бери жашап келген кыргыздар деле: "Буга чейин Нуракеге чаң жугузбай келген казактарда жакындан бери наразылык күчөгөнү байкалат", – деп өз баалаарын беришти. Демек кошоматка кой союу, өз көмөчүнө күл тартуу жана өзүм билип өтүгүмдү төргө илем дегендик элдин экономикалык абалына эле байланыштуу эмес экен. Болгону ансыз да быкшып турган кырдаалга бүгүнкү күндөгү теңгенин наркынын кетиши ого бетер шыкак болуп, чоң толкундун тутанткычы болуп кетиши мүмкүн. Себеби, буга чейин эң аз маяна 300 АКШ доллары менен барабар болсо, теңге арзандагандан бери бул көрсөткүч 100-150 долларга чейин төмөндөп кеткен.

## Чыныгы демократиянын акысын бериш керек

Өткөндө эле Кремлде уюштурулган тегерек үстөлдө Владимир Путинге эзелтен бери оппозициячыл болуп келген Ирина Хакамада: "Эмне үчүн биздин теледе шоудан башка эч нерсе жок? Улуттун кыртышы болгон тың чыкмаларды өзүнө тарткан маанилүү берүүлөр эмнеге жок бизде?", – деген наразылыгын айтты. Анын сыңарындай, казактын теле берүүсү да бир канча саатка созулган шоулар менен толуп калыптыр. Бирок, капчыгы жукарып бир ойгонгон элди ырчычоорчу менен алаксытыш мүмкүн эмес болуп бараткандай. Албетте, бизге окшоп жакынкы тарыхыбызда эле эки ирет кызыл-кыргын болуп мамлекеттүүлүгүбүздү алдырып коюу коркунучун башынан өткөрө элек казактарды Кудай өзү сактасын. Бирок чыныгы элдик башкаруу деп эсептелген демократия толугу менен орноосу үчүн бир мамлекетте жашаган улуттар, алардын башкаруу өкмөтү белгилүү бир сыноодон өтүүсү шарт тура.

## Аалымдын тагдыры

Айтмакчы, XI кылымда жашап өткөн Исламдын улуу аалымы Кожо Акмат Ясави 63 жашка келгенде жер алдынан хужура жасатып кирип кетет. Эл оозунда анын "Мухаммед пайгамбардан узак мөөнөткө жер үстүндө калууга акым жок", – дегени айтылып жүрөт. Бирок, анын мындай кадамга баруусу – саясатчылардын кызгануусунан улам болгон деген да кеп бар. Көрсө, ошол кезде анын 99 миң шакирти болгон экен. Натыйжада, саясатчылар: "Биздин бийликти алып тынбасын" деп чочулап, ар түрдүү көйгөйлөрдү жарата башташат. Ошондо адам тарбиялоодон башка дарты жок Кожо саясатчылардын сасык оюндарынан жерге кире качып кутулган имиш.



# Терроризмдин тамыры кайда? Анын дин менен байланышы барбы?

"Диалог Евразия" коомдук фондунун «Терроризмдин тамыры кайда жана анын дин менен байланышы барбы?», - деген суроосуна диний жана коомдук серепчилер жооп беришкен. Берилген жооптордун ток этер жерлерин окурмандарыбыздын назарына сунабыз





### Бишкек Епархиясынан Андрей Кунавин: "Биз, христиандар, Алланын күнөөсүз адамды сот-соболсуз өлтүр дегенине ишенбейбиз"

Биздин коомдо диний башаламандык процесси 90-жылдарда башталган. Бул жолу да "Бөлүп жарып башкара бер" деген илгерки принциптин дал өзү кайталанды. Коомубуз эмнеге бөлүнүп жарылып атат? Анткени аны бириктире турган бирдиктүү өзөк жок. Бул биздин маданий, тарыхый, нравалык баалуулуктарыбыздын кыйрашына байланыштуу. Салт-санааларыбыздын жок болушунан улам бөлүндүк. Бирдиктүү өзөк болбосо, стабилдүүлүк болбойт. Мисалы, Украинада көптөн бери бир нече христиандык агымдар бар болуп келген. Демек, коомдун өзөгү стабилдүү эмес эле. Радикалдуу ислам салттуу исламдын ордун алуу максатын көздөгөндөй эле, христиан дининде да жасалма христиан уюмдары көп. Алар да христиан дүйнөсүндө 90-жылдары пайда болушкан. Мисалы, "православиеден өткөн жаман – православиенин өзү" деген пикирди жайылтышкан. Алар аргумент катары кадимки эле христиандардын салттуу баалуулуктарын – Кудайдын осуяттарын колдонушат. Мисалы сектанттар биз жөнүндө: "Алар иконаларга сыйынуу менен, Кудайдын "буттарга сыйынбагыла" деген осуятын бузушат", – деген кеп таратышат. Көптөгөн өз динин тыңыраак билбегендер ушуга алданып, алардын артынан ээрчип кетти. Мунун себеби – алардын өз дининин негиздерин билбегендигинде. Биз иконаларга сыйынбайбыз. Аларга баш да ийбейбиз. Болгону биз иконаларга сый мамиле көрсөтөбүз. Алар: "Биз да христиан динин кармanabыз. Биз да Кудайдын осуяттарына баш иебиз. Болгондо да Эски осуяттарына баш иебиз", – деп да айтышат. Ошентип, алар да жасалма мусулмандар сыяктуу осуяттын сүйлөмүнүн арасынан бир ойду айрып алышып, ал аркылуу билими аз адамдарды адаштырышат. Мына ошондуктан мен терроризмдин дин менен байланышы жок деп так айта алам. Террористтер динди маска катары колдонушат. Террористтик жардырууларды Алла үчүн жасагыла деп айткандай эле, "Кудай үчүн жасагыла" деп да айтышат. Биз, христиандар, Алланы Кудайдын аттарынын бири деп билгендиктен, Анын күнөөсүз адамды сот-соболсуз өлтүр дегенине ишенбейбиз.

Ошондуктан, диний агартуу өтө маанилүү. Ошол эле маалда, үй-бүлө баалуулуктарын сактап калуу да маанилүү. Себеби, бардык нерсе үй-бүлөдөн башталат. Бирөө: "Үй-бүлөнү буза алсак, бүтүндөй коомду бузабыз", – деп айткан экен. Салттуу баалуулуктарды балдарга үй-бүлөдө үйрөтүү керек. Аларды ой жүгүртүүгө, жамандык менен жакшылыктын ичинен туурасын тандап билүүгө үйрөтүшүбүз керек. Бул баланын кийинки турмушуна жардам берет. Христиан désininde баш ийүү – жакшы сыпат. Ислам дининдегидей эле, бизде да орозо бар, дуба кылуу бар. Бирок, ой жүгүртүү – эң жакшы сапат болуп саналат. Бул биздин руханий жашообуз үчүн да, жалпы коомубуз үчүн да өтө маанилүү.



### Эксперт, дин таануучу Назира Курбанова: "Бизде экстремизмди колдогон социалдык база бар"

Эл аралык эксперттердин айтуусу боюнча, Кыргызстандын диний саясаты жана андагы жалпы диний абал дин уюмдары үчүн жана дин тутунган жарандар үчүн жакшы түзүлгөн. Биз көптөгөн өлкөлөрдүн, алардын ичинде Өзбекстан, Казакстан, Түркменстан жана Тажикистандын өкүлдөрү болгон профессор, эксперттер менен жолугуп турабыз. Алардын баары дингe тиешелүү абал Кыргызстанда өтө жакшы деп айтышат. Бул өтө маанилүү, абдан жакшы. Башка өлкөлөргө салыштырмалуу бизде дин эркиндиги бар, муну түшүнүшүбүз керек. Бирок, ошол эле маалда бизде да экстремизмдин идеологиясын колдогон социалдык база түзүлүп калды. Биздин "терроризмдин тамыры жакырдыкта. Андан кутулуу үчүн иш орундарын түзүшүбүз керек" деп айтканыбыздц көптөрү жактырбайт. Анткени менен бир адамдын жакшынакай иши болсо, жетиштерлик айлык маянасы болсо, татынакай үй-бүлөсү болсо, анда ал жөн эле романтика үчүн Сирияга бармак беле? Демек, жакшы экономикалык негиз элди террористтик, экстремисттик идеяларга берилип кетүүдөн сактайт.

Терроризм, экстремизм жөнүндө изилдөөлөрдү айтыш үчүн биз юристтердин, УКМКнын, ИИМдин 10-башкы башкармалыгынын кызматкерлеринин маалыматтарына таянабыз. Алардын арасында кандидаттык иштерин жактаган, жеке изилдөөлөрдү жүргүзгөн илим адамдары бар. Мен идеологиялык стратегияны иштеп чыгышыбыз керек деген ойго кошулам. Экстремизмди жеңүү үчүн илимпоздор, эксперттер, теологдор жана башкалар баарыбыз биргеликте мындай стратегияны иштеп чыгуубуз зарыл.



### Мусулман аалымдар кеңешинин төрагасынын орун басары Марс Ибраев: "Мусулмандардын, адамзаттын көйгөйү күчөп эле баратат"

Дин тууралуу маселе козголгондо "ислам терроризми", "ислам экстремизми" деген сөздөрдү эч качан айтып, жазбасак. Биз бир нерсени эстен чыгарбашыбыз керек. Терроризмдин улуту, ишеними жана дини жок. Исламды бузган ар кандай секталар азыр өтө көп. Бүгүнкү күнү дин маселеси козголо турган болсо, анда ага динди терең түшүнгөн, адис инсандардын катышуусу өтө маанилүү.

Дин эрежелерин инсан койбойт. Аларды Жараткан чектейт. Чектелбеген эч нерсе жок. Мисалы жолдо жүрүү – светофор менен чектелүү. Жашоо-турмуш – мыйзам, каада-салт, үрп-адат менен чектелүү. Бүгүнкү күндө жалпы эле мусулман элдеринин, адамзаттын көйгөйү күчөп эле баратат. Мусулмандардын көйгөйлөрүнүн эң биринчиси бул түркөйлүк, же наадандык. Экинчиси, экономикалык алсыздыгыбыз, кедейлигибиз. Үчүнчүсү өз ара тил табыша албаганыбызда. Идеалдуу, төрт тарабы төп келишкен мусулман болуу абдан кыйын. Идеалдуу инсан бул жеке өзүнө, үй-бүлөсүнө, коомуна, айлана-чөйрөсүнө зыяны тийбеген адам. Пайгамбарыбыздан "дин деген эмне?" деп сурашканда, "Дин бул намаз, орозо, зекет, ажылык" – деп эле чектеген эмес. Пайгамбарыбыз: "Дин – адамдар менен жакшы мамиледе болуу, кичипейил, кечиримдүү болуу", – деп айткан.



### Социология илимдеринин кандидаты Бакыт Малтабаров: "Ондогон жылдык кубулуш бир заматта оңолбойт"

20-30 жылдан бери келе жаткан кубулушту биз бир заматта оңдоого аракет кылып жатабыз. Бул көйгөйдүн алдын алууга 15-20 жыл кечигип калдык. Бизге ислам багытындагы, динге байланышкан секталар 60-жылдардан кийин эле келе баштаган. Учурдагы абал ушул нерсенин кесепетинен чыгып келди. Мисалы, биздин жаштар башка динге өтсө, кайра кайтарып ала турган дин психологу Кыргызстанда жок. Бизде жаштарды сактап кала турган уюм дагы жок. 90-жылы радикаштырылган динди биз күчөтүп ийип, убагында токтото алган эмеспиз. Эмне себептен? Бизде 2000ден ашык имам бар. Бирок алардын билим деңгээли кандай? Туура эмес маалымат таратып жаткан жокпу алар? Мына ошону карашыбыз керек. Дааватка кетип калышып, үй-бүлөлөрү ачка 1-2 айлап калып калгандар бар. Бул дагы туура эмес. Бирок биз муну оңдойбуз деп, күчкө сала албайбыз. Бул үчүн тарбия матрицасын түзүп, коомчулукка сиңириш керек.



### Теолог Улан Усупов: "Туура максатка туура жол менен гана барса болот"

Террорчулук сыяктуу глобалдуу маселелер мектептерде диний сабактын жоктугунан келип чыгып атат. Диний сабаттуулукту мамлекет өз мойнуна алыш керек. Бул нерсени мамлекет чечпесе, радикалдар өзүнүн чолок билими менен чечип коюшу мүмкүн. Радикалдуулукту жоюуда туура методикалар керек. Исламда мындай эреже бар. Ислам дининин жаюу максаты коюлганда ага жетүүгө колдонулган метод, же болбосо жеткирүү жолу инсанды сыйлоо эрежелерине ылайык болуш керек. Оройлук, мажбурлоо же зордук-зомбулук болбош керек. Террорчу топтор бийик максаттарды коюмуш болуп, ага жетиш үчүн өзүңдү жардырышың керек, же болбосо согушушуң керек деп адамдардын башын айлантып жатышат. Бирок, биз коргуда айтылган алтын эрежеге басым жасоо менен террорчулуктун алдын алган болобуз.



# “Түнкү көпөлөккө” үйлөнсөм болобу?

**1. Апам 10-15 күн токтоно албай арак ичет. Мен катуу эле урушам. Кошуналардан уялганымдан үйгө түртүп салган учурларым да болгон. Кээде бул кылгандарыман корком. Бирок апам мажбур кылып жатат. Эмне кылсам болот?**

*Аты белгисиз.*

**Жооп:** Энени урушуу туура эмес. Урушмак тургай, ата-энеге үшкүрүк менен жооп берүү да арам, чоң күнөө. Аны түрткөндөн көрө, сенин колуң сынып калса жеңил болор беле да, азабы да азыраак болор беле?! Дуба кыл. Намаз окуп, Жараткандан сура, Кудай Таалам энеңе туура жол, берекелүү жашоо насип этсин. Ата-энеси үчүн адамдардан уялуу – адамзаттагы эң абийирсиз жорук. Ата-эне тандалбайт. Аларды кандай болсо да урматтоого милдеттүүбүз. Ата-энең сенин бейишиң, же бейиштен башкаң.

**2. Боюмда болбой жатканынан бир жолу тамырчыга баргам. Ошондон кийин бакшыга барып алган жокмунбу деген суроо жүрөгүмдү оорутуп жүрөт. Деги тамырчы менен бакшынын айырмасы кандай?**

*Москва, Бактыгүл.*

**Жооп:** Тамырчы менен бакшынын айырмасы бар. Тамырчы тамыр кармап, адамдын тамырынын согушуна жараша тамакты мүнөздөп ичүүнү сунуштаган табып адам. Негизи, адамдын оорусу ысык жана суук деп экиге бөлүнөрүн айтышат. Азыркы медицинада деле аппарат менен кан тамырдын согуусуна жараша, кан басымды аныктап жатышпайбы? Андыктан, элдик медицина менен алектенген табыптарга көрүнүүнүн зыяны жок.

Ал эми бакшы – шаман доорунан калган, от менен ойногон, кээде көзү ачыктык да кылып жиберген, улук Кудайдын каарына калып, динден чыккан кокуй пенде.

«Жолуңду ачып берем», «келечегиңди айтып берем», «өткөнүң тигиндей экен» деп айткандардын баары “көзү ачыктар”. Алардын ширк келтиргендиги айдан ачык. Аларга ишенген адам да ыйманын жаңылап албаса, акырети коркунучтуу.

**3. Кечиресиз, суроом бир аз оңтойсузураак. Мен “түнкү көпөлөк” болуп иштеп жүргөн кызды жакшы көрүп калдым. Аны алсам болобу?**

*Москва, Муса.*

**Жооп:** Ал “түнкү көпөлөктү” кай жактан таап алдың экен? Түнүчүндө “түнкү көпөлөк” кармап жүрдүң беле? Айтор, таңмын..!? Кандай болгон күндө дагы, сен дагы ал сыяктуу көпөлөктөр менен алектенгендерден болсоң, анда тең-теңи менен, тезек кабы менен деген ошол болот. Ага үйлөнө берсең болот. Болгону бир айыз көрүп, жатынын бейбаш уруктардан тазалагандан кийин никелешсең жарай берет.

Ал эми сен жаман жолдо жүрбөгөн, дайыма даарат менен жүргөн такыбалардан болсоң, аны дароо эле алууга болбойт. Ал тообо кылып, кылган ишине чын ниетинен өкүнүп, акыйкаттын жолуна түшсүн. Мына ошондо никеңе алсаң болот.

**4. Мен үйлөнүп, никем кыйылып жатканда 1 досум менен 1 кыз күбө болгон. Менин никем кабыл болдубу, же никени жаңылаш керекпи?**

*Москва, аты белгисиз.*

**Жооп:** Никеде эки эркектин, же бир эркек, эки аялдын күбөлүгү жарайт. Сен үйлөнгөндө бир эркек жана бир кыз күбө болгон болсо жана нике кыйган адам эркек молдо болгон болсо, анда ошол молдокенин өзү да күбөгө жарайт. Демек, сенин никеңе эки эркек күбөлүк кылган. Никеңер жарайт.

Нике кыйган молдонор ургаачы киши болсо да, күбө катары эсептелет жана никеңерге бир эркек менен эки аял күбөлүк кылды деп эсептелет. Демек, бул шартта да никеңер жарамдуу.

Адатта никени эркектер кыят. Бирок абалдын ар кандай болуп калуу ыктымалы да бар эмеспи…

**5. Илим алууда жалкоолук, кайдыгерлик сыяктуу кыйынчылыктар көп болот. Булардан кантип арылам? Дубалары барбы? Эмне кылышым керек?**

*Ош, Бегимай.*

**Жооп:** Жалкоолуктан арылуунун дубасы бар. Имам Бухарийдин риваятында (6363) азирети Анас (р.а) Пайгамбарыбыз алайхис саламдын бул дубасын риваят кылат: “Аллоохумма, инни аьуузу бика минал хамми валь хазани, валь ажзи вал касали, валь бухли валь жубни, ва дзалаьид дайни ва галабатир рижаали!”.

Мааниси:

“Оо жараткан улук Кудайым! Өтүп кеткен ишке капа болуп, келе турган ишке кыжаалат болгондон, алсыз тартып, жалкоолуктун туткунунда калгандан, сараңдык менен суу жүрөктүктөн, карызга батып кыйналып, мээримсиз адамдардын каарына калгандан өзүңдүн фазлу-карам айкөлдүгүң жана шавкат-мээрим ырайымың менен сактанамын!”.

Мына ушул дубаны ар дайым айтып жүрсөң, жакшы болор. Өзүңө-өзүң жардам бер.

**6. “Сапожкага масх тартып намаз окуса болот” – дейт экен Имам Азам масхабында. Бул туурабы? Негизи эле сиз кайсы масхабды карманасыз?**

*Ош, Айбек.*

**Жооп:** Кыргыздар “сапожка” деп кышында кийчү кызыл ашыкты жапкан жылуу бут кийимди айтат эмеспи. Ооба, сенин уккаңың туура. Кышкы өтүк кызыл ашыкты жаба турган болсо, ага даарат алганда масх тартыла берет. Б.а. маасынын ордуна колдонсо болот. Имам Аазам мазхабында да, башка сунний имамдардын мазхабында да бул туура.

Мен, урматтуу Айбек мырза, ханафий мазхабын кармнам. Кыргызстанда эки ханафий болсо бири менмин, жалгыз болсо ошол жалгыз ханафий менмин деп айтып жүрөм.

**7. Эгер операция учурунда наркоз алса, күнөө болбойбу? Анткени мен ден-соолугума байланыштуу эки жолу наркоз алгам. Наркоз алгандан кийин каза болуп калса кандай болот?**

*Кадамжай, Полот.*

**Жооп:** Операция кылуу үчүн наркоз алганга шариат уруксат берет. Наркоздун айынан эсинен танып, 5 намазга чейин каза болуп калса, казасын окуп берүүгө милдеттүү. Ал эми наркоздун таасиринен эстен танып, 5 намаздан көп намазы өтүп кетсе, казасы окулбайт.

**8. Кыз-жигит жакшы жашап жаткан жерде кыздын атасы күчкө салып күйөө баласына талак жаздырып алса эмне болот?**

*Аты белгисиз.*

**Жооп:** Кандай таризде, канчалык өлчөмдө күчкө салганын толук баяндап берсеңиз жакшы болмок. Кандай болгон күндө да, талак маселесин жүздөшүп олтуруп чечкенде, жыйынтыктуу чыгат.

**9. Бир жыл мурун жолдошум экөөбүз ажырашып кеткенбиз. Тагыраак айтканда Москва шаарында башка бирөө менен ойноп аткан жеринен тутуп алгам. “Сени менен жашабайм. Балдарыма да күсүрүң тийишин каалабайм” десем, “жашабасаң үч талак” деп жообумду берип койгон. Эми ал жарашам деп аракет кылып жүрөт. Жарашканга жол жок десем, “мастыктагы талак өтпөйт” дейт. Эмне кылсам болот?**

*Аты белгисиз.*

**Жооп:** Сиздин суроонузга да жооп жогорудагыдай эле болот.

**10. Мен мусулмандарды жамааттарга бөлгүм келбейт. Бирок, аалымдар баш болуп баардыгы кайсы бир жамааттын мүчөсү. Шариятта кандайдыр бир жамааттын мүчөсү болуш керек деген буйрук барбы? Аял киши күйөөсү кайсы жамаатта болсо, ошону ээрчиши керекпи?**

*Аты белгисиз.*

**Жооп:** Шариатта кайсы бир жамааттын мүчөсү болуу керек деген буйрук жок. Мисалы мен эч бир жамаатка мүчө эмесмин. Ошондой болгондугуна карабай, жамааттышып иш кылганда берекелүү жумуш болот. Адамдын руханий жактан өсүүсүнө, коомго көбүрөөк пайда келтирүүсүнө жамааттышуу жакшы натыйжа берет.

Аялы жамааттышууда күйөөсүн ээрчүүгө милдеттүү эмес. Бирок күйөөсү жакшы көргөндү жакшы көрүүгө аракет кылса, ынтымак менен сүйүүнүн жаралуусуна жана сакталуусуна өбөлгө болот.

**11. Ата-энесине айтпай нике кыйдырып алса, нике өтө береби?**

*Ислам*

**Жооп:** Кыз баланын никеси өтпөй калуу коркунучу бар. Ата-эненин батасын албаган никеде береке болбойт.

**12. Мен экинчи аял алайын десем, аялым уруксат бербейт. Жашыруун эле алсам кыянаттык болуп калабы деп корком. Кантсем болот устаз?**

*Тажикстан, Турдубек.*

**Жооп:** Жеке эле сенин эмес, элдин баарынын эле аялы уруксат бербейт. Уруксат бербесе эле жашыруун алыш керекпи? Колуңдан келип, кыйынчыкма болуп жатсаң, ачык эле ал. Жашыруун жашоо ойноштордун оокаты.

**13. Кол телефонумда куран, азандар бар. Аны менен даараткага кирсек болобу жана эки маал намаз окусак кандай болот?**

*Эдил*

**Жооп:** Даараткaнга Куран, азан жазылган телефондор менен кирсе боло берет. Болгону экрандан өчүрүлгөн болуу керек.

Эки маал намаз окусаңда болот. Ошол эки маалдан кутуласың. Калганы карыз болуп туруп турат. Мисалы бир адамдан 5 сом карыз алсаң, эки сом кайтарсаң, эки сомдон кутуласың. Үч сом карыз боюнча турат.

**14. Кыргызстандагы кайсы диний жамааттарды туура деп ойлойсуз жана алардын кайсыларынан таалим алууга болот?**

*Аты белгисиз.*

**Жооп:** Кыргызстандагы Ахмадия (Кадияния) жамааты өздөрүн мусулманбыз дегени менен, чындыгында каапыр жамаат. Ошондой эле Агахан (Исмаилия) жамааты да каапыр жамаат. Булардан башкаларын каапыр деп атаганга болбойт. Кээ бир мусулман жамааттар мамлекеттик түзүлүштү оодарууга кызыкдар деген кине менен, тыюу салынган жамааттардын катарына кошулган. Тыюу салынбаган жамааттардын баарынан эле пайдаланса боло берет. Мисалы: Дин үчүн убактысы менен малын курмандыкка чалып, ар бир үйгө ыйман жеткирүүнү кайсы бир жамааттан алса, туура маалыматтарды иргеп алууну экинчи жамааттан, уюшуп иштешүү менен биргеликте илимий таризде мамиле кылууну үчүнчү жамааттан, ал эми саясий тариздеги көз караштарды жөнгө салууну төртүнчү жамааттан үйрөнсө, бардыгы ордуна келет деген пикирдемин.

**15. Мен медициналык академияда окуйм. Өлгөн адамды катыруу аркылуу узак убакытка сактоого динде уруксат барбы?**

*Аты белгисиз.*

**Жооп:** Динибизде адамдарды тажрыйба катары пайдаланууга болбойт. Адам тирүүсүндө да, өлгөндөн кийин да урматталууга тийиш. Аны катырып коюуга жол берилбейт. Өлгөндөн кийин башкаларга сабак болушу үчүн катырып коюуну – Кудайдын азабы деп түшүнсөк да болот.

**16. Шариятта ар бир нерсенин тартиби бар. Ал эми кайнене менен келиндин ортосундагы мамиле тууралуу эч жерден укпадым? Ушунун тартибин кыздарыбызга жеткизсек дедим эле?**

*Талас, Бекалы.*

**Жооп:** Кайнене-келиндин мамилеси эне-кыздын мамилесиндей болгондо бардыгы ордуна келет.

**17. Сапарда эки намазды бириктирип окуса болобу?**

*Аты белгисиз.*

**Жооп:** Болот. Бешимди кечиктирип барып, акыркы убагында окуйсуң да, Дигерди убакыт кирээри менен алгачкы убагында окуйсуң. Шам менен куптан да ушул таризде.

**18. Саламатсызбы! Индонезиядан жин чыгаруучу молдолор келгендиги жөнүндө маалымат алганбыз. Алар зымга окшогон нерсе менен колдорго, далыларга урушат экен. Ушул туурабы? Аларга барсак болобу?**

*Аты белгисиз.*

**Жооп:** Менин алардан кабарым жок экен. Бирок, кээде жиндерди тепсе менен акырын ургулап чыгаргандары да бар. Кыргызстандын аймагында кээ бир жин айдаарлар, оорулууларды катуу таяктар менен сабап, таптакыр туюк жинди кылып койгондор да бар. Ишеничтүү адамдарга дем салдырбаса, улук Кудайдан жөө качкандар көбөйүп кетти ушу тапта….

Бетти даярдаган:
ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

# Саксагай качты сай ашты..



Негизи, акыркы убакта жеке эле Кумурзстанда эмес, жалпы кумурскалардын дүйнөсүндө так ушул саксагайлардын көйгөйү курчуп баратат. Тээ тигил какыраган такырда жайгашкан Афруялардан баштап, тигил Аврупуяларга чейин саксагайларга тиш кайрап, ошолорду эле аңдып жатышат. Бир жерде саксагай качып баратса, бир жерде саксагайлар качырып жүрөт. Бир жерди саксагайлар өрттөп атса, дагы бир жерде саксагайларды чырылдатып, чыркыратып өрттөп атышат. Анан калса, бу кумурскалар да шумдук болуп кетиптир. Айрыкча жанагы Амиркуя менен Аврупуянын кумурскалары тим эле жалаңкыч. Айнектин сыныктарынан килейген күн тарткычтарды жасап алышып, уяларды түп орду менен куйкалап жиберип атышат. Болгондо да саксагайлардын уясы бир заматта өрттөнүп, күлү эле калууда. Анан качат да саксагайлар... Кайда качмак эле, так эле ошо Аврупуяны карай качып жатышты. Бу Кумурзстанда качкан 5-6 саксагай чипуха...

Аа, айткандай эле, Кумурзстанда азыр зындандарды катуу кайтарып калышыптыр. Түнү менен уктабай «саксагай качты сай аштыы ээй» деп кыйкырып ырдап таң атырып атышат имиш. Айрыкча жанагы Франсуяда бир далай кумурсканы кимдир-бирөө куйкалап ийгенден бери, бул жерде да кумурсканын баары чочулап калды. Дагы эле баягы саксагайлардан чочулап калышты. Жанагы Сирияда пайда боло калган, бир да ак талы жок капкара кылдуу суперсаксагайлар баарынын үшүн алып бүттү. Тишине чейин куралданып алган немелер өздөрүнчө уя түзүп, уяхан шайлап алышкан. Жай баракат жүргөн кумурскалардын арасына кирип өз башын өзү жулуп алып ыргытып ийсе, анысы жарылып кетип далай кумурска өлүп атат. Алардын башы жарылып кетерин ким билиптир. Колунда курал болсо да токтотуп калышат эле...

Бечаралар эмнеге антип атышканын өздөрү деле билбейт. Башы жардыргычка айланып калган неме ойлоно алмак беле? Баарынан кызыгы, булардын тишин ким кайрап берип, башын ким антип салып атат, ошол жагы табышмак жалпы кумурскаларга. Жок, табышмак деле эмес. Анын жообун баары эле билет. Башты жардыргычка айлантып, тишти курчутуп таштоо тиги Амиркуяга окшогон немелердин эле колунан келерин, сапсагайлар азырынча андайды кыла албасын баары эле түшүнөт. Бирок, баары бир бул - бүткүл кумурска дүйнөсүнүн табышмагы...

Кыскасы, ошол Франсуяда баштар жарылып, кан төгүлгөндөн кийин Кумурзстан дагы сактыкка катуу көңүл бурмай болду. Негизи башкалар жай баракат эле жүргөн. Бир күнү эле Ак уянын алдына жоон топ кумурска келип чокмороктошуп туруп калган. Ары-бери өткөндөр бул эмне болуп кетти деп карап турса, ошол жоон топтун арасынан бирөөнүн эле чыңылдаган үнү чыгып атат дейт. Баягы карап тургандар «бул дүкүлдөгөн немелер бирөөнү тоноп атышабы» деп жакындап барып жакшылап кулак түрсө, жанагы үн: «Сак болгула! Сириянын саксагайлары Кумурзстанда да тополоң салышы мүмкүн» деп жатыптыр. Ошондо билишпедиби, Темр Сар сүйлөп атканын. Кайран эргул буга чейин эле жер жайнаган сакчылар менен жүрчү эле, эми ого бетер сактанып калган экен. Тим эле өзү көрүнбөйт.

Мына ошентип, сактык чаралары башталып, тинттер тинтүүсүн күчөтүштү. Ал эми зындан сакчылары болсо кеч киргенден таң атканга чейин «саксагай качты сай ашты ээй» деп кыйкырып ырдап чыгышмай болду. Башка эмне кылышмак эле... Эң арзан даярдык эле ушул окшойт. Тиштерин кайратып, колго курал алалы десе, көп капуста кеткидей. Зындандын эшиктерин бекитип, дубалдарын оңдойлу десе, ага да капуста керек. Мамлекеттен бөлүнгөн капуста зындан башчынын үйүн оңдогонго жетеби, же зындан оңдогонго жетеби? Эң жакшысы, эң арзаны эле ушул. Таң аткыча саксагай качтылап кыйкырып чыгыш керек. Эч кандай капуста кетпейт. Муну жакында эле зындан башы таап чыккан. «Ата-бабаларыбыз илгертен бери эле ушинтип кайтарышчу», - деди ал. Деди да, зындандын эшигинен дагы бирди чыгарып алып, үйүнө кетип калды. Аныкы да туура. Эң негизгиси үйдү бекемдеш керек да. Дагы саксагайлар качып кетсе, кимдин үйүнө барып баш калкалайт эле...

## Анан кантип муфту-уяттын ашмалтайы чыкпасын?

Бирок, бу саксагайларга да даба жок болуп бараткандай. Сырттан келе турган саксагайларды эптеп тосмолоп, зындандa жаткан саксагайларды эптеп кайтарып атышса, эми дагы бир саксагайлардын, муфту-уяттын чатагы башталды. Булар тигилерчилеп башы жардыргычка айланып, зындандан качпаганы менен капуста дегенде бары-жогун унутуп калышат экен. Жылыга эле чыр ушул капустадан башталчу болду булардыкы. Айрыкча жанагы Улуу Сапардан келишкенден кийин эле чатакташып жатып калышат. Өткөндө бирөөсүнүн ашмалтайы чыккан ушунун айынан. Буга чейин аныкындай ашмалтай эч кимден чыккан эмес. Илгери бир Амур бек Текеден чыкты эле, анын ашмалтайын муфту-уяттын ашмалтайы тебелеп кетти. Бирок, дагы эле эсине келишпептир...

Көрсө, бу капуста деген балээ тура. Ал эми жанагы Улуу Сапардын алдындагы таңгак-таңгак капуста сапсагайлардын башын кудум эле хаха куурайдай айлантып, көздөрүн көгөөндүкүндөй чакчайтып коёт. «А анча капуста кайдан келет?», - деп ишенбей тургандар да бар. Көрсө, кумурска көп жерде капуста да көп болот тура. Мисалы үчүн, Улуу Сапар маалында ар бир кумурска бирден бит союш керек. Мына анан капуста. Эмне Кумурзстандан баргандар өздөрү менен кошо бит ала барат беле? Айла жок битке деп 150 жашыл капустадан чогултушат. А тиги кыраандар битти канчадан алып атат ким билет? Аты эле бит болгону менен чоңдугу сиркедей болгон немелерди алып келишет экен. Сураштырса, аны 70-80 жашыл капустага деле алса болот дешиптир.

Дагы бир жерде Улуу Сапарга барган бирөө: «Мен Кумурзстандыктарды ташыган чоң коңузга минейин деп батпай койдум. Негизи, бул жактан мага Кумурзстандыктарды өзүнчө ташыган коңуздар болот. Ошондон сөзсүз бир орун сиздики дешкен. Баргандан кийин аз жерден жөө кала жаздадым», - деп наамразы болуп отурду. Деги булардын арасында андайлар аз эмес экен. Кумурзстандыктарга деп тигилген жалбырак уяларга батпай калган кумурзстандыктар да наамразы болушту. Көрсө, Улуу Сапарды уюштургандар ушул жерден да капуста таба калышат тура. Жанагы Кытуядан чыккан уйгурлар Улуу Сапарга барыш үчүн бир канча күн мурун эле Арабуяга барып алышат экен. Себеби, Кытуянын кыжылдаган кумурскаларынан буларга чакыруу тийбей калышы мүмкүн тура. Бирок, мындай чакырыксыз баргандарга Арабуяда Улуу Сапардын ыйык жүрүштөрүнө катышууга тыюу салынган. Ошондуктан алар так ушул Кумурзстандын Сапар башчыларына жең ичинен капуста берип, акырын кумурзстандыктардын жылуу уясына кирип алышат экен. Анан батпайт да беркилер. Оруңдарын сатып ийишкенин кайдан билсин бечаралар. Сапар башчылар болсо: «Бул жер ыйык жер. Уктабаш керек. Урушпаш керек. Ыйык иштерди кылыш керек», - деп койсо берки жаңы барган момундар ого бетер момундашып отуруп калышат. Мына сага капуста...

Ал эми Улуу Сапарда сегиз күн үлүлдүн кабыгында жатасың деп капуста чогулткандары да бар. Болбосо баргандар ашып кетсе үч эле күн жатышат. Калганын бүт эле ыйык жүрүштөрдө жүрүп өткөрүшөт тура. Ошондо наркы беш күндүн капустасы кимге кетип атат белгисиз. Кыскасы, бул жакка ыйык иштерди кылыш үчүн эмес, капуста жыйнаш үчүн баргандар толуп кеткен. Анан кантип муфту-уяттын ашмалтайы чыкпасын?..

Гезит ээси – ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери – 1925

САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Гүлмайрам Бакирова

**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Рахат Акматова
**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com

**Реклама жана маркетинг:** Эдил Айдаров
Тел.: (0312) 93 65 55, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru
**Design:** Горизонт Медиа

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 93–65–55, (0312) 45–48–68
**www.saresep.kg**
**Facebook:** Саресеп гезити

**Нускасы: 6200**
**Буйрутма № 3072**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

# Кыргызстанда учакка коркпой отурабызбы?

31-октябрда Египеттин Шарм-эш-Шейх шаарынан Санкт-Петербургга сапар тарткан Орусия учагы 217 жүргүнчүсү менен Египеттеги Синай жарым аралына кулады. Натыйжада, кырсыктуу жерден 150 адамдын сөөгү табылып, Каирге жеткирилди. Учурда дагы эле иликтөө иштери жүрүүдө. Ошол кырсыкка учураган "Airbus A321-231" маркасындагы учак 1997-жылы 9-майда жарыкка чыккан. Ал жалпы жонунан 267 адамга ылайыкталып курулган. Ал эми учурда Кыргызстанда канча учак бар жана алардын абалы кандай? Мына ушулар тууралуу төмөндө кененирээк сөз кылабыз

| Баардыгы болуп КРда 78 аба кемеси бар жана алардын ичинен: | | |
|---|---|---|
| Аба кемелери | Советтик өндүрүштөгү учактар – 61 | Чет өлкөлүк өндүрүштөгү учактар – 17 |
| Самолет | 37 | 17 |
| Вертолет | 24 | 0 |
| Аба кемелеринин сертификаты боюнча | | |
| Учууга жарактуулар | 17 | 15 |
| Учууга жараксыздар | 44 | 2 |

## Кайрат Итибаев: "Эки талапка жооп бере алам десеңиз, анда чоң киреше алуу мүмкүнчүлүгүнө ишенсеңиз болот"



«Чет өлкөлүк инвесторлор бирикмесинин» төрагасы, Кыргыз Ачык Асман Коомдук фондунун жетекчиси, мурун Жарандык авиация агенттигинде жана «Эйр Кыргызстан» ААК авиакомпаниясында иштеген тажрыйбалуу адис Кайрат Итибаев менен болгон маекти сунуштайбыз

**– Учурда бизде канча авиакомпания бар жана самолеттордун абалы кандай?**

– Жарандык авиация агенттигинин сайтындагы маалыматка таянып айтсак, азыркы күндө бизде 22 авиакомпания катталган. Бирок, алардын 8инин сертификаттары токтотулуп турат. Самолеттордун орто жашы 21–23 жыл. Абалдары коопсуз, учуу талаптарына шайкеш келет. Анткени алар текшерүүлөрдү жана техникалык тейлөөлөрдү календардык негизде өткөрүп турушат. Бул биздин мамлекеттин гана эмес, ошол учактарды ижарага берген лизинг компанияларынын келишиминде да ушундай талап коюлган. Андыктан, жүргүнчүлөрдүн билет баасына рейстин чыгымдарынан тышкары, коопсуздук чараларынын төлөмдөрүн да киргизишет.

**– Бүгүнкү күндө коопсуздук чаралары кандай жүрүп жатат?**

– Аба мейкиндигинде учуу коопсуздугун камсыздоо – мамлекеттин түз милдети. Атайын ыйгарылган мамлекеттик орган бул маселенин үстүндө иш алып барат. Ал – Жарандык авиация агенттиги. Бул агенттик Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин алдында иштейт. Ал эми учуу коопсуздугун сактоо иш-чаралары төмөнкүдөй тартипте өтөт:

- ИКАОдон түшкөн сунуштары Кыргыз республикасынын аба кодексине (ушундай муктаждык болсо) жана авиация эрежелерине киргизүү;
- Бекитилген авиациялык эрежелерди аткарууга авиакомпанияларды жана аэропортторду мажбурлоо.
- Учуу каттамдарынын жыштыгын текшерүү жана өнүгүүсүнө шарт түзүү.

**– Учуу каттамдар кайсы стандарттардын негизинде ишке ашып атат? Өкмөт өзүнө алган эл аралык милдеттерди аткарганга кудурети жетүүдөбү?**

– Негизги стандарттар кыргыз мыйзам базасына кирген. Кыргыз Республикасы Чикаго конвенциясын кабыл алган. Биз ИКАО эл аралык уюмуна мүчөлүккө киргенбиз. Азыркы күндө 19 авиациялык эрежелер аба кодексинин негизинде иштеп жатат. Баардыгы жалпы жонунан эл аралык стандартка жооп берет. Бул эрежелерди аткарууга баардык авиаишканалар милдеттүү. Тилекке каршы, жарандык авиация агентигинин материалдык жана техникалык камсыздоосу начар болгондуктан, жогоруда айтылган эрежелердин кынтыксыз ишке ашуусу айрым учурларда көйгөйлүү болуп калууда. Мындан 10–15 жыл мурунку абал бүгүнкү күндөн да алда-канча начар болчу. Биз бир чоң кемчилик кетиргенбиз. 2003–2006-жылдары авиакомпаниялар эч көзөмөлү жок каалаган жактан учуп, каалаган жакка конуп, кайсы бир үчүнчү мамлекеттердин ортосунда жүк ташып жүргөн. Натыйжада, бул көрүнүш Европанын аба транспорттук инпекторлорунун талабына жооп бербей, биз Евросоюздун кара тизмесине кирип калганбыз. Эми андан кайра чыгуу жагдайы – өзүнчө узак тема.

**– Мамлекеттин карамагында канча учак бар?**

– Учурда мамлекеттик реестрда 76 учак катталган. Бирок, алардын көбүндө учуу сертификаты жок. Тагыраак айтканда, учууга жана коммерциялык жол менен жүргүнчү ташууга жарактуу 13 гана самолёт бар. Андан сырткары, мамлекеттик расмий каттамдарга эки самолет бөлүнгөн. Ушул эки самолёттун бири "ТУ-154М" үлгүсүндөгү учак ар дайым президенттин иш сапарына керектелет.

**– Кыргызстан аба каттамынын аброюн сакташ үчүн эмне кылыш керек?**

– Аба каттамдарын өнүктүрүү үчүн биздин экономикабыз жакшы өнүгүшү абзел. "Ачык асман" саясатын биздин экономикалык кызыкчылыктарга гана жооп берген өлкөлөр менен келишимдин негизинде жүргүзүш керек. Мисалы, Кореянын учактары биз аркылуу Стамбулга, же Анталияга учса болот. Бул шартты авиаторлор "бешинчи учуу боштондугу" деп коюшат. Менин оюмча "ачык асман" саясаты бул протекционисттик жана мамлекеттик кызыкчылыкты көздөй турган ыкмага өтсөнү оң. Андыктан, кыргыз авиакомпаниялары башка өлкөлөр менен алака түзүп, аба каттамдарын көбөйтүүсү керек.

**– Кыргызстанда канча авиакомпания учууга лицензия алган?**

– Жогоруда айтып өткөндөй, Кыргызстанда 22 авиакомпания лицензия алган. Бирок, бүгүнкү күнү алардын 8инин лицензиялары токтотулган. Алардын көбү азыр иши жок олтурат. Айрыкча жүк ташуучу (арасында тик учактар да бар) жана агросекторлогу атайын иштерди кылуучу авиакомпаниялар токтоп калган.

**– Кыргызстанда бул тармакты өнүктүрүп, чоң киреше табуу мүмкүнчүлүгү барбы?**

– Жалпысынан айтканда, бул тармак эки орчундуу шарттан жана эки орчундуу талаптан турат. Биринчиден, заманбап технология менен ири өлчөмдөгү капитал таап шарт түзүш керек. Экинчиден, бүтүндөй дүйнөлүк бизнес чөйрөсү менен аралашкандыктан, жогорку деңгээлдеги менеджменттикти жана профессионалдык деңгээлдеги англис тилин үйрөнүп, талаптарын аткарыш керек. Эгер сиз ушул эки талапка жооп бере алам десеңиз, анда чоң киреше алуу мүмкүнчүлүгүнө ишенип, иш баштасаңыз болот. Бирок, ири көлөмдөгү инвестиция бери дегенде 10–12 жылдан кийин гана кайтарым бере баштаарына да даяр болгонуңуз оң. Андыктан, бул тармактын өнүгүшүнө мамлекеттин көңүлү жана саясий эрки болушу абдан маанилүү. Мисалы,



Бишкектеги "Манас" эл аралык аба майданында конкуренттик шарттарды түзүп, аба аркылуу жүк ташуучу транспорттук түйүнүн түзсө, жакшы болгудай. Ушул долбоордон биз чоң киреше алсак болот. Анткени, биз «калдайган зор мухит» менен чектеш жашайбыз. Бул – Кытай Эл Республикасы деген мухит. Андан тышкары, ЕАЭБ мамлекеттерин байланыштыруу мүмкүнчүлүгүбүз бар. Болгону чакан мамлекетибизде саясий эрк менен ички ресурстарды мобилизациялап, жарандык авиация тармагын өнүктүрүшүбүз керек.

Материалды даярдаган
ГҮЛИРА ТОКТОСУНОВА